5
## Орус каналыбы же «Ормон опузасыбы»?



9
## Жетиген Сапарбеков: «Кыргыз рэптин өнүгүүсүн каалайм»



# САРЕСЕП

21-январь, 2016-жыл
№02 (35)
saresep.kg
Калыс көз караш!




### Согуштан качкан мусулман утат

3-бетте



### Саудия менен Ирандын тирешүүсү күтүлгөн

12-бетте



### Бейнике сүйлөшкөн кыз кызыкпы?

14-бетте

7-бетте



Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги
катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:**
saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:**
Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш.,
Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68,
(0312) 93-65-55
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы:**
**Буйрутма №**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Доллардын баасы аны көбөйтүү аркылуу төмөндөйт

Өкмөт 2016-жылкы антикризистик иш-чараларын жарыялады. Алардын арасында бааларды туруктуу кармап туруу, сомду доллардын кысымынан чыгаруу маселеси каралууда. Мына ушул маселени кантип ишке ашырууга болот деген суроого ЖИА бизнес-ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбек жооп берди

Өкмөт 2016-жылкы иш планын жарыялады. Анда 11 негизги багыт жана антикризистик чаралар камтылган. Бирок азыркы кабыл алынган чечимдер жана ташталып жаткан кадамдар дароо жемишин бербейт. Кыргызстанда жакшы чечимдер кабыл алынганы менен аны ишке киргизе келгенде кемчиликтер чыга келет. Эгерде өкмөт адатынча кабыл алган чечимдерин иш жүзүнө толук ашырбаса, коңшу өлкөлөрдөгү кризистин эпкини Кыргызстанга да тие берет. Азыр коңшуларыбыздын жалпы экономикалык кырдаалы анча жакшы эмес. Кризистин канчага чейин созуларын болжоо да өтө оор. Акыркы убакта өнөктөш эсептеген Орусия менен Казакстандын экономикалык жагдайына абдан көз каранды экенибиз белгилүү болду. Ошондуктан коштуналарда болуп жаткан экономикалык абалды дыккаттык менен көзөмөлдөшүбүз керек. «Аларда кризис болуп жатат, демек бизде да болот» дегенден алыстап, экономикабыз үчүн башка жолдорду издөө кажет.

Биз кризисти доллардын куну көтөрүлүп кеткенине гана байланыштырбашыбыз керек. Негизги көйгөй тереңде жатат. Мисалы Кыргызстандын соода балансында импорт экспорттон бир нече эсе көп. Быйыл ташылып келген товарлар 20 пайызга төмөндөгөнүнө карабай, импорт экспорттон дагы эле 3 эсе ашып түштү. Сырт менен соода кылууну таразалап, теңметең кылмайынча мындай кризистер Кыргызстанда боло берет. Ошондуктан экспортту көбөйтүү жолдорун караштырып, өлкөгө каражат алып келе турган инвесторлорду издеш керек. Биз сыртка товар сатып, доллардын мамлекетибизге кирүүсүн камсыздабасак, валютанын таңкыстыгынан улам баасынын көтөрүлө берүүсүн токтото албайбыз.

Экономикабыздын долларлашуусу бүгүн эле келип чыккан маселе эмес. Ошондуктан административдик жол аркылуу ишкерлерди сом менен соода калууга мажбурлайбыз деген аракеттер маселени чечпейт. Биз менен туруктуу өнөктөш деген өлкөлөр өздөрүнүн кызыкчылыгына туура келбеген келишимдерден оңой эле баш тартып коёт экен. Мындан кийин ири долбоорлордо, интеграциялык маселелерде башка өлкөнүн жетегине кирип албаш керек. Кыргызстан экономикасын дүйнө менен соодалаша тургандай ачык кармаш керек. Экономикалык кызыкчылык саясий жүйөдөн алдыда болушу кажет. Мамлекеттин көйгөйүн өзүбүз гана чечпесек, эч ким чечип бербейт. Мындан сырткары, мамлекеттик үлүшү бар компаниялар жеке ишканаларга бут тосуусун улантып келет. Ушул көйгөйдүн баары чогулуп келип, экономикалык туруксуздукка алып келүүдө. Доллардын кунунун артуусу ушул фундаменталдуу маселелерге байланыштуу болуп турат.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Аңчылыкты токтотуу үчүн өтө чоң өзгөрүү керек

Акыркы күндөрү интернет тармактарында жан-жаныбарларга аёосуз аңчылык кылган атка минерлердин, чет өлкөлүк жарандардын сүрөттөрү жайнап чыга баштады. Айрыкча, дүйнө жүзү боюнча жоголуп бараткан ак илбирстин атылуусу эл ичинде чоң чуу жаратты. Ушундан улам бир кездерде бул маселени кабыргасынан койгон депутат Равшан Жээнбековго суроо менен кайрылдык

Саясатчы Равшан Жээнбеков Кыргызстанда жаныбарларды атууну токтотуу үчүн мамлекетте жана коомдо аябагандай чоң өзгөрүү болуш керек экенин төмөнкүчө айтат. "Биз мурунку чакырылыштын үч депутаты Исмаил Исаков, Өмүрбек Абдрахманов жана мен аркар-кулжаларды, кийиктерди атууга тыюу салуу мыйзамын киргизүү боюнча демилге көтөргөнбүз. Бирок, ошол кездин өкмөтү менен депутаттары бул демилгени колдобой койгон. Бирок, ошого карабай бул маселе боюнча коомдо кеп талкуу жүрдү. Мына, азыркы күндө да аңчылыкты тыюу талабы күч болууда. Ошондон улам кай бир депутаттар биз менен сүйлөшүп, биздин мыйзамды колдоого алышты. Эгерде бул мыйзам өтүп кетсе, кичине болсо дагы мыйзамсыз атууга тыюу салынмак. Бирок, жан-жаныбарга аңчылык кылууну бир гана мыйзам менен токтотобуз деген туура эмес. Болгону, кичине болсо дагы бөгөт койгонго мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал эми жалпы атууну токтотуу үчүн, же болбосо кандайдыр бир чекке алып келүү үчүн, коомдо жана мамлекетте аябагандай көп өзгөрүүлөр болушу керек. Биринчи кезекте экономикалык өзгөрүүгө жетишүү зарыл. Мамлекетте экономика өнүгүүгө дуушар болуп, элдин курсагы ток болбосо, аңчылыкты токтотуу өтө эле кыйын. Экинчи маанилүү маселе бул маданият. Мына ушул өзгөрүүлөрдөн кийин гана мыйзам менен бөгөт коюу жетишерлик жемиш берсе керек", - деген оюн билдирди.

Анткени менен, эл өкүлдөрү менен атка минерлер өз жоопкерчиликтерин билип, өз иштерин так аткарууга аракет кылса, өлкөдө кандайдыр бир жылыш болмок дегендер да чекеден табылат. Себеби, качан болбосун кесепеттүү ишти бири-бирине шылтап коюп, эптеп өзүнөн алыс оодара салуу, же болбосо жалпы бир кубулуштарга төңкөп кутулуу бүгүнкү эл башылардын дайыма колдоно келген шылтоосу болуп бараткандай. Артта турган эл таптакыр бузулуп, талкаланып бараткан күндө дагы, ушунча элдин добушу менен, ушунча элдин ишеними менен бийликке келген соң, "жок дегенде таза мыйзам чыгарып берейин" деген ой, "жок дегенде милдетимди аткарайын" деген түшүнүк болбосо, анда анын адамдыгы кайсы?...

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Салык көбөйгөн сайын соода солгундайт

2016-жыл башталбай жатып эле Өлкөбүздө экономикалык солгундоолор жамгырдай жаады. Өкмөт болсо ар кандай долбоорлорду ишке киргизүү менен бюджеттеги орду толгус тешикти толтурууну көздөөдө. Экономика министрлиги турак-жай салыгын 1,2 эсеге, унаа салыгын 2 эсеге көбөйтүүнү сунуштоодо

Ушундан улам Токиодогу Веседа университетинин изилдөөчүсү Сейтек Качкынбаевге кайрылганыбызда ал "кризис учурундагы кошумча салык менчик сектордо кекиртектен алат" деген оюн айтты.

Жапон өлкөсүндө 2 жыл мурун соода салыгы (consumption tax) 5%дан 8%га өсүп, быйыл ал 10%га жеткирилмек. Бирок, жалпы Жапанда бир жылдык сооданын көлөмү 1,2%га түшүп кеткени белгилүү болду. Ушундан улам өкмөт 10%дык салык полисин белгисиз мөөнөткө токтотту. Бул деген салык өскөн сайын соода солгундап, жумуш оруңдары кыскарып, жумушсуздар көбөйүп, бизнес мокоп, экономикадагы өсүш басаңдайт дегенди билдирет. Жапан го эффективдүү мамлекеттик институттарга, өкмөткө ээ. Алар мындай мүчүлүштүктөн заматта сабак алып, тиешелүү чечимди кабыл алат. Ал эми биздин жөндөмсүз, "сатаркул" бийлик бюджет дефицитин элдин мойнуна илип, каалагандай жаңы салыктарды киргизип, "тыюу, тыюу жана тыюу" деген абсурд-нонсенс мыйзамдарды кол баласына кабыл алдырып, экономиканы оңдойм дегени жөн гана көз боёмочулук. Булардын арасында аз да болсо эрки бар, адекваттуу киши калдыбы деги? Бул нонсенс мыйзамдар менен тыюулары тетири эффект берерин түшүнүшпөйбү, же дагы башка себеби барбы?

Чынында, сын айтуу жеңил, андан көрө сунуш берчи дегендер да бар. Эмесе, аларга да жооп берейин. Мындай мыйзам, тыюулардын баары тетири натыйжа берет. Ошондуктан, экономиканын өнүгүшүн камсыз кылуунун 2 этабын айтып келем. 1-этапта, какаганга муштаган кылбай, эркиндикти чектөөчү мыйзамдар менен эркиндикти чектөөчү тыюу аракеттерин жокко чыгаруу зарыл. 2-этапта Кыргыз Руспубликасын изоляциядан чыгара турган Кыргыз-Кытай темир жолу менен "Ачык асман" саясатын приоритет катары жакын арада баштоо зарыл. Андан сырткары, Бажы Биримдиги милдеттендирген Бирдиктүү Бажы Тарифин өкмөт кайра карап чыгып, Орусияда өндүрүлбөгөн товарлар үчүн киргизилген салыкты жокко чыгаруу зарыл.

Ошондо 2-этаптагы чаралар алыскы перспективада үзүрүн берет. Бирок азыр кандай кылсак да "сазга батып алдык". Ошондуктан натыйжалуу оңолууну жакын арада күтпөйбүз го...

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Анан мен ким болот элем?

Эки бир туугандын бири бак даарып, Кызыр караган, ак эмгеги, адал иштери менен Кудайга жагып, элге алынган кадырлуу адам эле. Экинчиси – кудайдан жөө качып, алчы-таасын жеген алдамчы, колунан келсе көздөгөн максатына жетүү үчүн канкорлукка да бара турган кара ниет адам эле. Ушул бир тууганы бир сапар адам өлтүрүп, анысы жалпы журтка ашкере болуп калып, сот жообуна тартылат.

Сот башталганга чейин журналисттер адам канына забын болгон бир тууганга жабыла суроолорду жаадырып киришти. Алардын ичинен бирөөсү:

– Сиз ушул ишке кантип бардыңыз? Эмне себептен кылмышкер болуп калдыңыз, – деди.

– Ээ, анын эмнесин сурайсың? Мен балалык көргөн эмесмин. Атам аракеч эле. Энем экөөбүздү кудайдын куттуу күнү да сабачу эле. Жүрөгүм таш болуп калган. Ушундай турмуштан улам кылмышкер болбогондо мен ким болот элем, – деп жооп берген экен.

– Ал эми журналисттердин дагы бир даары соттолгон бир тууганына жаны ачып, анын кылган иштерине жаны кейип турган бир тууганынан:

– Сиз көпчүлүккө кадырлуу адам катары белгилүүсүз. Сиздин жетишкендиктериңизге көпчүлүк суктанып, ийгиликтериңизге кубанышат. Сиз мыкты атанып, мындай жакшы турмушка кантип жеттиңиз, – деген суроо узатышат.

– Ээ, кадырмандарым, анын эмнесин сурайсыңар. Менин балалыгым өтө татаал болгон. Атам күнүгө ичип келип, апама, бизге күн көрсөтчү эмес эле. Ошонун баарын көргөндөн кийин мен да атама окшош болмок белем, – деген экен.

# Ооруканадагы окуя

Оорукананын бир палатасында кеселден керебетке таңылган эки адам жатты. Бирөө терезенин түбүндө, дагы бирөө эшик туштагы бурчта жайгашкан…

Аңгыча эшик тушта жаткан оорулуу терезе тараптагыдан кыңырыла сурады:

– Тууган, сыртты карачы. Көчөдө эмне болуп жатыптыр?

– Оо, сыртта бүгүн күн тим эле чайыттай тийип турат. Тигинде кыркалекей кеткен тоолор ак карлуу чокулары, жапжашыл адырлары менен алда кайдан бери кел деп кол булгап тургансыйт. Андан берки чалкыган көл болсо өзүнчө эле бир укмуш. Качантан бери эч бир мергенчи келе элекпи, же бул жакта андай жокпу, айтор, көл үстүндө каз-өрдөгү батпай калкылдап, кошоктошо учкан ак куулар, жээк бойлой баскан узун бут турналар бейкапар жайылып жүрөт. Омей, тигини карап кой! Оң тарапта турган дүкүйгөн токойдон кулпурган кыпкызыл түлкү чыкты. О, ата кайран куу десе! Карачы капталдай салып кокту менен жорголоп тиги каздын балапандарына келатканын. Жеп кетет экен эми, – деп ары кубана, ары тынчсыздана жооп кайтарды.

Ошентип, бул кеселман күн сайын терезени карап алып жанында жаткан тагдырлашына ар кандай кызыктуу көрүнүштөрдү, табияттын өтө кызыктуу кубулуштарын куп келиштире айтып берип турду. Мелтиреп жаткан көл үстүндөгү балыкчылардын тор жайганы, кайрымагы үзүлүп чырдаша кеткен балдардын ызычуу түшө томолоно күрөшкөнү, эч ким менен иши жок жээк бойлой басып, кубалаша ойногон эки жаштын романтикалуу махабатын кубанып айтып берип жатты.

Бирок, бара-бара коңшусунун ушундай керемет окуяларга күбө болуп, өзүнө болсо муздак дубалдан башка эч нерсе буюрбаганына жанындагынын ичи тарып, купуя көрө албастык сезим көөдөнүнө уялады. "Эмнеге бул кечке терезенин түбүндө жатышы керек? Же эмне бул шумдук кадыр барктуу неме бекен? Экөөбүз бирдей эле төлөп жаткан соң, бирдей эле мамиле кылышпайбы!" – деп күн өткөн сайын кыжыры кайнап, кимгедир ачуулана баштады.

Ошентип күндөр өтө берди. Бир күнү капилет кырсык басып, терезе тушта жаткан кеселмандын оорусу капилет козголуп, колу-буту тырышып калды. Карышып калган жаагы жазылбай, өз тили өз оозуна тыгылып, аба жетпей думугуп баратты. Бирок канча кылса да, кокустук менен жерге түшүп кеткен жардам баскычын баса албай, өмүр менен өлүмдүн ортосунда кара жерге түштү. Мына ушунун баарына күбө болуп турган кошуна болсо, табасы кангандай тымызын гана кайдыгер карап коюп жата берди. Чынында, ал өз тушундагы жардам баскычын басып, мээрман айымды чакырып койсо да болмок. Бирок негедир анткен жок. Натыйжада, тырышкан муунун жаза албай, оозунан ак көбүк атып, көзү чанагынан чыгып кетчүдөй канталаган кургур, акыркы демин чыгарып барып, суналган бойдон келбес сапарга кетип, жаны тынды.

Оо, көптө барып анын акырет кеткенин байкаган медкызматкерлер маркумдун жансыз денесин палатадан алып чыгып кетишти. Тымызын гана ушуну күтүп жаткан берки кошуна болсо ушул учурдан пайдаланып, мээрман айымдан терезенин тушуна которулуп жатуу ниетин билдирди. Эч нерседен кабары жок медайым эч кыйылбай, анын өтүнүчүн аткарды. Качантан берки көксөгөнүнө жетип, кубанычтан жүзү албырып турган неме жайланышып жатары менен сыртты карай бир көз чаптырды да, бир заматта өңү кубарып, делдиреп тынып калды. Анын жүзүндөгү күтүүсүз өзгөрүү , мына сыртка чыгайын деп турган мээрман айымды эрксизден токтотту.

– Бул деги эмне болуп кетти? – деди тигил. – Бул терезенин тушу турбайбы. А жанагы киши тоолорду, токойлорду, чалкыган көлдү көрүп турам деп айтпады беле. Баарын көрүп турам дебеди беле… – деди ал көзүн жашылдантып.

Медайым кейиштүү жылмайып:

– Байке, ал байкуш эч нерсени көрө алчу эмес. Анын көзү азиз болчу, – деп жооп узатты…

# Бакыт

Бакыт сапар тартып келатып, чер токойдун арасынан атайын жапайы жырткычтарды кармаш үчүн казылган аңга түшүп калат. Терең аңдан кантип чыгарын билбей, аргасы кетип отурган чакта жакын арадан кимдир бирөөнүн доошу угулат. Көз жашын көлдөтүп отурган бакыт сүйүнүп кетип:

– Эй, айланайын! Мени чуңкурдан чыгарып койчу, – деп жалооруй кыйкырат.

Өтүп бараткан киши мунун үнүн угуп чуңкурдун кырына келип баш багат да:

– Сени чыгарсам, мага эмне бересиң? – деп сурайт.

– А сен эмнени каалар элең? – дейт бакыт бышыктай.

– Мен өтө кенен, кымбат баалуу, терезелери көл тарапты караган кооз үй каалайм, – дейт.

Бакыт ал каалагандай үй берди эле, тиги киши сүйүнгөнүнөн бакытты унуткан бойдон үйүн көздөй шашылыш жүгүрүп кетти. Анын бул жоругуна капалангaн бакыт мурункудан дагы катуу ыйлай баштады. Аңгыча ошол арадан өтүп бараткан дагы бир жолоочу анын бозогонун угуп кайрылып келди.

– Эй, сен мында эмне кылып отурасың? – деди ал. Бакыт ага үмүт артып:


– Айланайын ай, мен бул чуңкурга байкабай түшүп калдым. Мага чыкканга жардам бери, – деп жалдырайт.

– Сени алып чыксам, мага эмне бересиң, – дейт бул дагы сугалак көзүн алаңдатып.

– Каалаганың эмне, айт берейин, – дейт бакыт.

– Кооз, кымбат автоунаалардан көроомдо жыйналып турушун каалайм.

Бакыт ага да каалаганын берет. Тилеги аткарылып, төбөсү көккө жете сүйүнгөн неме бакытты унутуп, көз жоосун алган автомобилдерин карай шашмалап жөнөп кетет. Ошондо бүткүл адамзаттан үмүтүн үзгөн бакыт заманасы куурулуп, чуңкурдун ичинде ажалын күтүп мөгдүрөп отуруп калат. Так ушул маалда чуңкурдун жанынан дагы бир адамдын өтүп бараткан үнү угулат. Үмүтү үзүлбөйүн деп үзүлө албай турган бакыт жогору карай үн катып жолоочуну чакырат.



– Эй, кайрымдуу адам, суранам, мени бул аңдан сууруп чыкчы.

Бакыттын доошун эшиткен алиги адам эч кандай суроо сопкуту жок эле аны андан тартып алат да, сапарын андан ары уламай болот. Ошондо бакыт ага кайрылып:

– Ээ, кайрымдуу адам, бул кылган жакшылыгың үчүн менден эмнени каалайсың? – деп сурайт.

– Мага эч нерсенин деле кереги жок, – дейт боорукер киши.

Ошентип бакыт бул токпейил, боорукер адамдын артынан калбай ээрчип жөнөгөн экен.

# 1 млн 200 миң машина 16 күндө...

16 күндүн ичинде жарандар унаасын милдеттүү түрдө камсыздандырып үлгүрүп калышы керек, болбосо аларга мамлекеттик айыппул салына баштайт. Айыппулдун көлөмү анын камсыздандыруу төлөмүнө барабар

Өкмөт 7-февралдан тарта милдеттүү камсыздандыруу доолборун ишке киргизгени турат. Муну катуу көзөмөлгө алыш үчүн унаа ээлерине 1-мартка чейинки 16 күндүк убакыт чектеди. Бул "чектелген убакыттын ичинде жетишсең жетишип кал, жетишпеспең МАИлердин кайырмагына түшкөнүң түшкөн" деген кыйшак билдирүүнү элестетип тургандай...

## Асмандан издегени жерден табылып...

Ошентип Өкмөт камсыздандыруу иштерин жеке компанияларга тапшырды. Айтмакчы, жеке компаниялар дагы мындай майлуу ишке оңой эле илешип калган жок. Ал үчүн аларга да уставдык талаптар коюлган. Лицензияга ээ болуш үчүн компаниянын уставдык капиталы 100 млн. сом болушу керек. Майлуу иш дегеним, аталган компаниялар мамлекетке бир дагы пайыз бөлбөйт. Түшкөн каражат жалпысынан өз капчыктарында калат.

Учурда Кыргызстанда баш-аягы 20дан ашуун камсыздандыруу компаниясы бар. Бирок алардын ондон ашууну гана унаалар менен иштейт. Азырынча мамлекет камсыздандыруу милдетин кайсы компанияларга ыйгарары билине элек, бирок болжолдуу маалыматтар бар.

## Айласыздан айыппул

2015-жылдагы маалымат менен карасак, Кыргызстанда 1 миллион 200 миңдей автоунаа катталган. Мынча унааны 16 жумушчу күндүн ичинде каттап үлгүрүү чындыкка коошпой тургандай. "Үлгүрбөсө анда Өкмөт узагыраак убакыт бермек да" деп күмөн санап отурсаңыз, анда болжолдуу эсептеп көрөлү.

Жалпы авто унаалардын санын 13 компанияга бөлгөнүбүздө ар бирине 92300 кардар туш келет. Бул деген 92300 автоунааны бир компания 16 күндүн ичинде каттап жетишүүсү керек деген сөз. Демек, алар бир күндө 5760 кардарды тейлеп үлгүрүшү зарыл. Маселен, бир компанияда 50 кызматчы болуп, ар бири 10 сааттан тынымсыз иштесе, анда 1 агент 5 мүнөттө 1ден кардарды тейлеп жетишиши керек. Бирок, так ушул 5 мүнөттө бир кардарга жетишүү жана бир күндө 10 саат тынымсыз иштөө таптакыр болбогон сөз экени маалым. Эмесе реалдуу эсеп жүргүзүп көрсөк. Бир кызматкер 1 унааны тейлегенге жок дегенде 15 мүнөт убакыт керектесе, 1 саатта 4 кардарга, 10 саатта 40 кардарга жетишет. Натыйжада, 13 компания 16 күндө болгону 416000 эле унааны камсыздандырып бүтөт. Калган 784000 унаа ээлери айласыздан айыппулга жыгылат.

## Кантем? Кантем? Кантем?

Бул мыйзам сунушталганы жооптордон суроолор арбын болууда. Мурда-кийин мындайды көрбөгөн жарандар үчүн көп нерселер түшүнүксүз. Бирок адистер "көч бара-бара оңолот" дегендей, бир аз убакыттан кийин бардыгы өз нугуна түшөт деп ишендирүүдө. Эмесе ошол суроо-жооптордон бир-экисин назарыңызга сунсак.

**Биз айыл жеринде турабыз. Унаамды камсыздандырыш үчүн Бишкеке барышым керекпи?**

Жок. Бишкеке келүүнүн зарылчылыгы жок. Жакында бардык айыл аймактарда, район, облустарда камсыздандыруучу компанияларга тиешелүү агенттер иштеп баштайт. Ошол агенттерге кайрылып камсыздандыруу полисин алсаңыз болот.

**Мен буга чейин эле унаамды камсыздандырып койгом, эми кантем?**

Камсыздандырып койгонуңуз жакшы. Бирок мыйзамга жараша ОСАГО полисин алууңуз шарт. Бул унааңызды кайра камсыздандырасыз деген кеп.

**Менин унаамды камыздандырган компания кандайдыр бир себептерден улам ишин токтотуп койсочу?**

Эч коркпоңуз. Кыргызстанда атайы "Оюл Автокамсыздандыруучулар Ассоциациясы" деген компания иш алып барат. Аталган компанияда "кепилдик төлөмдөр фонду" деген фонд бар. Камсыздандыруучу компаниялар түшкөн акчанын 6 пайызын ошол фондго төгүп турат. Эгер сиздин унааны камсыздандырган компания банкрот болсо, же ишин токтотсо, аталган фонд анын ордуна төлөп берет.

**Мен мотоцикл айдайм. Аны дагы камсыздандырышым керекпи? Баасы канча болот?**

Ооба, транспорттун бардык түрү камсыздандырылышы керек. Мотоцикл болобу, ГАЗ-53 болобу, комбайн болобу, же кран болобу айрымасы жок. Болгону салмагына жараша жана тийгизген зыянына жараша болмокчу. Сиздики мотоцикл болсо, жеңил унаалардан азырак төлөйсүз. Анткени мотоцикл чоң унааны сүзсө кичине эле зыян алып келет. Ал эми орто эсеп менен алсак, камсыздандыруу полиси жеңил жана оор унааларга 2200дөн 3000 сомго чейин болот

**Мен 2-3 айдан кийин унаамды саткан жаткам. Кандай кылсам болот? Акчам кайра берилеби?**

Унааны сатам деген оюңуз болсо, анда жарым жылга, же 5 айга эле камсыздандыруу полисин алсаңыз болот. Бирок 1 жылга камсыздандыргандан кийин сатам, же алмаштырам десеңиз, акчаңыз кайтарылбайт. Бирок сатып алып жаткан кардар биринчи эле камсыздандыруу полиси барбы деген суроо бериши мүмкүн.

**Кезекке туруп, убакытымды коротпой эле бүгүн унаамды камсыздандырып койсом болбойбу?**

Жок. Азырынча ОСАГО мыйзамы ишке кирише элек. Пландар толук аткарылбай жатканына байланыштуу 7-февралдан баштап ишке киришет.

**Кырсыкта күнөөлүү мен болуп чыксам. Мен дагы компания тараптан акча өндүрсөм болобу?**

Катталган жол кырсыгында сиз күнөөлүү болуп, каршы жакта чоң зыянга учуроолор болсо, анын ичинде адам өлүмү катталса, сиздин ордуңузга компания келип төлөп берет. Жарадар болгондорго 200 миң, автоунаага 150 миң, каза болгон адам үчүн 200 миң сомго чейин, жалпысынан 550 миң сом төлөнөт. Бирок сиз мас абалында болсоңуз, төлөп берилбейт. Ал эми сиз күнөөлүү болгонуңуз үчүн ден-соолугуңузга жана унааңызга өз капчыгыңыздан чыгымдайсыз.

Суроолор финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын аткаруу кеңешинин мүчөсү Байбосунов Нурландан алынды.

Мыйзамга ылайык турак жай дагы милдеттүү камсыздандырылышы керек. Анын көлөмү айыл жергесиндеги үйлөргө 600дөн, шаардагыларга 2000 сомдон жогору. Бирок мыйзамдан баш тарткан атуулдарга айып пул салынбайт. Болгону кокус жаратылыш кырсыгы катталса, өкмөт тарабынан эч кандай жардам көрсөтүлбөйт.

# Жоопсуз аталар жоругу

Акыркы убактарда үйлөнөрүн үйлөнүп алып, кайра ошол үй-бүлөсүнүн арабасын тарта албаган эркектер көбөйүүдө. Тагдырдын бир аз эле оор кырдаалына кабылганда аялынын, балдарынын жүгүн көтөрө албай таштап кеткен чабал эрлердин саны кыргыз коомунда күн санап өсүүдө

Аялзатынын ар бир аккан көз жашын Кудай санап турат дегендей, заманыбызда эркектердин жосунсуз жоруктарынан азап чеккен айымдар көп. Учурунда айтылган жылуу сөздөргө ишенип, үй-бүлө курууга макулдугун берген кыздардын көп бөлүгү аз убакыт өтпөй эки же андан көп балдарын кучактап жалгыз калууда.

Чынында, курулган никелердин тез урашына эркектердеги сабырдуулуктун жетишсиздиги себеп болуп жаткандай. Андан сырткары, жаштарда идеалдуу үй-бүлө кандай болору тууралуу түшүнүк да калыптанган эмес. Ал эми дүйнөлүк статистикага токтоло турган болсок, жалпы эле үйлөнүүнүн алгачкы жылы эле ажырашуулар көп болот экен. Көпчүлүк ажырашуулар үйлөнгөндөн 3-5 жыл өткөндөн кийинки кризистик учурларда байкалат.

24 жаштагы Жаркынай аттуу келин: "Жолдошумда үй-бүлөнү багайын деген ой жок болчу. Өзүм Ысык-Көл облусунан болом. Бишкекке алтынчы классымда келип окуп жүрүп, турмушка чыккам. 17 жашта болчумун. Күйөөм менден төрт жаш улуу эле. Башында үйлөнгөнгө чейин баары жакшы эле болчу. Үйлөнгөндөн алты айдай өткөндө белин оорутуп алып, иштебей калды. Анан өзүм тигүүчү болуп иштей баштадым. Ортодо эки балалуу болдук. Кийин күйөөм үйгө токтобой, көчөдө көп баскандыктан ажырашып кетүүгө туура келди. Ал үй-бүлөнү багайын деп ойлочу да эмес. Үй-бүлөсүнө, карыган ата-энесине таянып эле отура берчү. Эртең менен кетсе кечинде, тактап айтканда, таң атканда келчү. Мени басынткандан башка эч нерсе билген жок. Азыр бир айда, же болсо эки айда бир балдарын көргөнгө келет, бирок алимент төлөбөйт", - деп каңырыгы түтөйт.

Көпчүлүк жаштарда ортодо жаралган сүйүү түгөнбөгөндөй сезилет. Адистердин айтымында, үйдө бала төрөлгөн соң, алгачкы сүйүү сезимдери басаңдайт. Ортолорунда руханий байланышы бар күчтүү үй-бүлөлөр гана мындай учурда өз никелерин сактап кала алат. Бирок көпчүлүк кыргыз жаштары алгачкы эле көңүл калууда ажырашып тынат.

### Сотко кайрылгысы келбеген энелердин саны арбын

Жогорку Соттун өкүлү Айнура Токтошева: "Быйыл алименттен качкандардын саны былтыркы жылга салыштырмалуу көбүрөөк. Алимент төлөтүү боюнча арыздар биринчи инстанцияга – райондук анан шаардык сотторго келет. Жыл сайын андай арыздар көбөйүүдө. Мисалы, 2013-жылы 5 миңден, 2014-жылы болсо, 6 миңден жогорулаган. Эгер алимент төлөбөсө жаза кодексинин 162-беренесине ылайык 2 жылга камакка алынат", - дейт.

Маалым болгондой, Кыргызстанда ар бир бешинчи үй-бүлө ажырашат. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча 2013-жылы 53 миң 578 нике кыйылып, 9 миң 52 ажырашуу болгон. 8 миң 87 бала толук эмес үй-бүлөдө калган. 2 миң 330 бала ата-энесинин бирөөсү жок, көпчүлүгү атасыз жана эки же андан көп баласы менен калган.

Учурда үй-бүлө очогу бузулгандан соң, өз милдетин аткаруудан качкан аталардын саны арбып барат. Алсак, 2014-жылы 1 миң 257 алимент төлөбөгөн жана карыз болгон кыргызстандык эркектерге издөө жарыяланган. Ошол эле учурда сотко кайрылгысы келбей, балдарын өз алдынча баккан энелердин саны да көп.

Укук коргоочулардын айтымында алимент төлөбөгөндөргө карата жоопкерчилик күчөтүлүп, айып пул үч эсе жогорулаганы менен абал эч өзгөрүүсүз бойдон калууда. Ички иштер министрлигинин маалымдоосу боюнча алимент төлөбөгөндөрдүн 50 пайыздан жогорусу чет жакка чыгып кеткендер. Ошондой эле булардын саны жыл сайын арбып барат.

Соттун чечими чыкса да күйөөм алимент бербей жатат деген Гүлбайра төмөнкүлөргө токтолду: "Жолдошум менен 2013-жылы ажырашып тынганбыз. Ортобузда үч бала бар. Үчөө тең менин колумда. Өзүм иштебегендиктен, аз да болсо алимент төлө деп жолдошума айтсам, баш тартып койгон. Кийин сотко кайрылып жатып, алимент кестиргем. Бир ай төлөп берди. Бирок эки жылдан бери бере элек. Сотко кайрылсам, жолдошуң менен чечишип ал, болбосо милицияга арыз жаз деген. Жаман болсо да балдарымдын атасы деп арыз жазбай олтурам. Өзүнө чалсам ана берем, мына берем деп эле жок", - деди.

### Алимент тууралуу өз ара макулдашууга болот

Адвокат Асель Рысбаева: "Эгер ата-энелер өз ара макулдашып алимент өлчөмүн белгилеп алышса сотко кайрылуунун кажети жок. Ата-эне жашы жетпеген балдарын макулдашуу менен багууга милдеттүү. Учурда ажырашуунун саны көбөйүүдө, жана анын кесепетинен ата-эненин бирөөсү балдарын жалгыз багууга мажбур болууда. Эгерде ажырашкан ата-эне балдарын багуу маселеси боюнча бир келишимге келе алса, өз ара алимент тууралуу макулдашуу түзүүгө болот. Анда алименттин өлчөмү, төлөө шарттары жана тартиби көрсөтүлөт. Мындай учурда сотко кайрылуунун кажети жок. Анткени нотариалдык жактан күбөлөндүргөн макулдашуу аткаруу барагынын күчүнө ээ. Эгерде алимент төлөөчү тарап өз милдетин аткарбаса, макулдашууну анын иштеген жерине жөнөтүп, айлык акыдан кармап калса болот", - дейт.

Сот аркылуу алимент төлөө жөнүндө макулдашуу болбогон учурда, жашы жете элек балдардын алименти ай сайын төмөндөгүдөй өлчөмдө өндүрүлүп алынат:

- Бир балага – ата-эненин иштеп тапканынын жана дагы башка кирешесинин төрттөн бири, эки балага – үчтөн бири, үч же андан көп балага – жарымы берилет.
- Эгерде, алимент төлөөгө милдеттүү болгон ата-эне туруктуу эмес, өзгөрүлмө эмгек акы алып турса, же эгерде анын иштеп тапканы жана кирешеси жок болсо, эгерде ата-энесинин иштеп тапканынан башка кирешесинен алимент үлүшүн өндүрүүгө мүмкүн болбосо, сот ай сайын өндүрүлүүчү алименттердин өлчөмүн туруктуу акчалай суммада өндүрүп берүүгө укуктуу.

Азыркы маалда жумушсуздукту шылтоо кылып, жашы жетпеген балдарын багуудан баш тарткан ата-энелер көп. Эмгек акынын, ошондой эле кирешенин жоктугу ата-энени бала багуу милдетинен бошотпойт жана ал белгиленген өлчөмдө алимент төлөө үчүн каражатты өз алдынча издеп табууга милдеттүү. Белгиленген сумма орточо эмгек акынын өлчөмүнө жараша болобу, же алиментти кыймылдуу, же кыймылсыз мүлк менен эсептелген үлүшкө жараша менчигине берүү жолу мененби, айтор, кандай болгон күндө да төлөп берүүгө милдеттүү.

Мисалга Чүй облусун алсак, орточо эмгек акынын өлчөмү 12 000 сом болсо, бир балага 3000, эки балага 4000, үч же анда көп балага 6000 сом бөлүнөт", – дейт Асел айым. Ошондой эле адвокаттын айтымында, эгерде алимент төлөөчү тарап таптакыр эле милдетин аткаруудан баш тартса, анда Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексинин 162 беренесине ылайык кылмыш жоопкерчилигине тартылат. Жаза катары үч эсе айып төлөйт же эки жылга чейин эркинен ажыратылат.

Кыргыз мамлекетинин үй-бүлөлүк кодексине ылайык, учурдагы алимент өлчөмү бир балага беш жүз сомго жетпеген акча. Өлкө боюнча минималдуу эмгек акы 900 сом, орточо эмгек акы 21 435 сом болгондуктан, минималдуу айлык алган эркек киши бир балага айына болгону 225 сом төлөсө, орточо айлык алган киши 3 миң 108 сом төлөйт. Тагыраагы, тапкан акчасынын 25 пайызын берет.

### Эркектер аталык милдетин унутуп койгон

Психолог Чынара Термечикова: "Эркектер каалаган максаттары ишке ашпай калса, маселени чечпей качып кетет. Азыркы жаштар бири-бирин тандаганда ката кетирип, турмуштук баалуулуктарына маани беришпейт. Ошондой эле түгөйлөр эмоционалдык жактан бышып жетилбегендиктен, үй-бүлө курууга даяр болбой туруп никеге туруп алышат. Көбүнчө эркектер турмуштун оош кыйышында эмне кылам, оор абалда кантип иштейм, үй-бүлөмдү кантип багам деп көп ойлонушпайт. Мен үй-бүлөнү камсыз кыла аламбы деп ой толгобой туруп, өз милдетин билбей туруп үйлөнүшөт. Ошону менен башында айтылган кыялдар ишке ашпай калган күндөн тартып чатак башталат. Мисалы, аялынын "сен мага баландай убада бердиң беле" деп талап кылганы эркектин ачуусун козгоп, аягы ажырашуу менен бүтөт.

Азыркы учурда эркек ата катары өз милдетин унутуп койгон. Ажыраштым болду, бала сеники деп таштап кеткен учурлар көп болуп жатат. Бирок эки айрым жолго түшкөн күндө да,абийир деген болуш керек да. Адам өз канынан жаралган баланын алдындагы милдетти унутпоосу керек. Ата-эне экөө эки башка жашап жатса да, баланын тарбиясына бирдей салым кошуулары керек. Бирок, азыркы күндө эркектерде жоопкерчилик деген нерсе жок болуп баратат. Жеңил турмушка качыруу, бир нерсе өзү каалагандай болбой калса маселени чечпей качып кетүү эркектерде адатка айланды", – дейт. Психологдун айтымында ажырашуудан мурда маселени чечкенге аракет кылса, үй-бүлөнү сактап калууга мүмкүн.

Жогорудагы сандар тастыктап тургандай, жаштар, анын ичинде үй-бүлөлүк турмушка даяр болбой туруп никеге аттанган жигиттер кыргыз үй-бүлөсүнүн эртеңине балта чаап жаткансыйт. Болжол менен өлкө боюнча алимент төлөшү керек болгондордун 60 пайызы төлөбөй келет. Үй-бүлөнү сактай албай калган күндө дагы, баланын алдындагы аталык жоопкерчилигин аткара билүү ар бир эркекке таандык милдет экенин унутушпаса.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Энергетика оорусун жашырсаң, авария ашкерелейт!

Айласыздан ушул саптан баштоого туура келип жатат. Мен энергетика боюнча серепчи, же саясий баяндамачы эмесмин. Бирок бул тармакта 40 жыл иштеген инженер-электрик катары, кээ бир ойлорду айтканга укугум бар деп ойлойм

## Кыргыздар совет доорунда жеңилге качкан

Өлкөбүздөгү экономикалык оор абалды башка тармактар сыяктуу эле энергетика тармагы да башынан кечирип жатат. Негизинен бул акыбалды жалпы коомчулук деле билет. Демек, ушул абалдан чыгуу жолун таба турган кызматтагы адамдар (милдет катары) көп жылдан бери энергетикалык тармактын башкы кеңсесинде, министрликте отурушат. Булар министрлер, орун басарлары, статс-секретарь жана аппараттын кызматкерлери. Андан сырткары, Улуттук электро тармагында, Электр станциялар акционердик коомунда, бөлүштүрүү тармагында, Бишкек, Ош жылуулук борборунда отурушат. Президент А.Атамбаев кайсы бир коргоо кеңешинин жыйынында: "Эмне үчүн бөлүштүрүү компаниялары электр энергиясын 18 тыйындан сатып алып, кайра 1 сом 50 тыйындан сатканына карабай, чыгашалуу тармакка айланып отурат?" деп айтканы бар. Президенттин ушул сөздөрү эле бул тармактын кандай иштеп жатканын далилдеп койду.

Эмесе азыр ар кандай сандарды айтып окурмандардын башын оорутуп отурбай, жакшы ойлорду бөлүшсөк. Биз бул акыбалга кандайча жеттик? Совет доорунда, өзгөчө "сенектик доору" деп аталган мезгилде көпчүлүк жогорку окуу жайга өтөм дегендер укук коргоо органдарына, зоотехникке, бухгалтерликке жана дагы ушул сыяктуу өз чөнтөгүнө гана пайда алып келүүчү кызматтарга умтулганы жалпыга маалым. Эми эгемендик алып, мезгилдин талабы менен толук өзгөрүүгө дуушар болгону айыл-чарбасы, соода тармактары ар кандай элдир-селдир кызматкерлерден толук болбосо да, көпчүлүгүнөн кутулду. Анткени жигердүү, чыныгы билимдүү (диплому гана бар эмес) кызматкерлер керек экенин көпчүлүк түшүнүп калды. Натыйжада алардын баркы, баасы көтөрүлдү. Бирок, жогорку айтылган советтик оору бир гана энергетика тармагында толук сакталып калды.

## Ооз менен орок оруунун пайдасы тийген жок

Энергетика тармагында ким гана министр болгон жок. Бирок бирөө дагы азыркы замандын талабы боюнча "үзүрлүү менеджер" (эффективдүү) боло алган жок. Натыйжада, ушул күнгө чейин абал өзгөрүүсүз кала берди. Анан калса, энергетика тармагы боюнча түшүнгөнү деле, түшүнбөгөнү деле сереппчи болуп чыга келди. Ал эми министрлер, орун басарлар, стат-секретарлардан тартып бөлүштүрүү тармагын жетектегендерге чейин ар кандай сандарды жадыбалдай сайрап жатышты. Бирок бул санагы жок интервьюлардан, бетме-бет кайым айтышуулардан (25 жыл бою) эч нерсе өзгөргөн жок. Тескерисинче, абал оорлогондон оорлоп гана келе берди. Акыры, Токтогул станциясындагы авариялык окуя булардын жалган көрсөтмөлөрүнөн таптакыр пайда болбой турганын ашкереледи. Эгер Кытай эл республикасынын жардамы болбогондо, биздин "Датка-Кемин", "Датка" сыяктуу электр чубалгылары ишке кирмек эмес. Бишкек жылуулук борборун реконструкциялоо биз үчүн космоско учуп барчудай эле кеп болмок. Андай болсо өзүбүздүн электр тармагын башкаргандар эмне менен алек болуп келди? Энерго ресурстарды (суу, көмүр, электр энергиясы) уурдоонун жол-жоболорун түзүлгөнүнө, сатып алуудагы коррупциялык иштерге, эң негизгиси кадр тандоодогу коррупциянын баарына ким жооп бериш керек эле?!

## Азыркы муун да алдым-жуттумга жакын

Деги буга чейин канчалалаган башкаруу уюмдары түзүлдү.

1. Акаев маалында түзүлгөн энергетика боюнча президенттин атайын өкүлү (Баштапкы жетекчиси Ж. Сатыбалдиев кийин премьер-министрликке чейин жетти. Ал эми анын орун басары Б. Баетов ушул убакка чейин Энергетика министринин стат-катчысы болуп турат)
2. Энергохолдинг (жетекчиси Ж.Түлебердиев азыр ардактуу эс алууда)
3. Жалпы тармакты акционердик коомдорго бөлүү.
4. Министрлердин көп жолу алмашуусу (кээ бири 2 жолудан болууга жетишти)

Эми окуйм деген жаштардын көбү энергетика факультетине баруруда. Кечирип коюшсун, алардын көбү тармакты көтөрүү үчүн эмес, совет доорундагы зоотехник, прокурор, бухгалтер болгусу келгендердей эле, ууру-кескилик схемалары аркылуу жеңил акча тапкысы келгендер.

Буга чейин текей оттогондорун моюндашты

Токтогул электр станциясындагы оор акыбалдан кийин биздин энергетиканы башкаруучулар өкмөт башчысын туура эмес сүйлөөгө мажбур кылышты. Эмне деп дебейсизби? "Биз ушул авариядан кийин бүткүл электр станцияларынын шаймандык акыбалын изилдеп чыгалы дедик" деп атпайбы. Кудайга тобо! Бул эмне дегендик өзү?! Ошол станцияда иштеген кичинесинен баштап, министрлигине чейин эч нерсе кылбай, дүкөн кайтарган кароолчудай болуп отурганын Орусиядан келген кызматкер да бекемдедиби. Дагы Кудай сактады. Эч ким жабыркаган жок. Болбосо, энергетика тармагында жумуш планы деген болот. Ар кандай инженердик, инспектордук текшерүүлөр, контролдук приборлор, аларды жазып турган кызматкерлер болот. Кайда ошонун баары? Эми комиссия акт жазганда ушунун баарын жаап жашырбай, сылап-сыйпабай ачык айтуусу керек. Бул анализдер азыр эмес, күнүмдүк жумушту аткарган ар бир смена толтурган кагаз аркылуу күн сайын аткарылыш керек болчу. "Эскирди, ресурсу бүттү" деген маалыматтар дайыма мамлекеттик башкаруу органдарынын тынчын алып турушу керек эле.

## Шымаланып окуп, иштегенден башка жол жок

Абал дагы эле оор. Эмне кылуу керек? Биз жалпы кыргыз коомчулугу, аны менен бирге энергетика тармагын башкаргандар, же дагы эле мен башкарам деп интрига уюштуруп жүргөндөр ойлончу маселе ушул. Кыргызда "ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат" деген кеп бар эмеспи. Демек эч нерсени жашырбай, көкөйгө көк таштай тийген "баардыгы эскирди" деген сөздү кайра-кайра кайталап алакан жайбай, "АБР баланча, Дүйнөлүк банк түкүнчө каражат бермей болду" деп кайырчы болуп кайырчылыкка көнбөй, шымаланып иштегенди, окуганды үйрөнүш керек. Электр тармагы бул бир бүтүн чынжыр. Станцияларда акыбал кандай болсо, башка бөлүктөрүндө да ошондой. Оору баарына бирдей тиет. Мына, бөлүштүрүү компанияларын эле алалы. Ар бир министр президенттин алдында келген сайын убадаларын, отчётторун берет. "Мен жалпы жоготууну 5 пайыз төмөндөттүм" дейт тим эле. Алардын айтканын угуп, эсептеп отурсаң, биздин тармактагы жоготуулар эбак дүйнөлүк деңгээлге жетип, 7-8 пайыз эле болуп калмак. Бирок, бул тармакта көптөн бери иштеген тажрыйбалуу энергетиктер муну совет доорундагы "100 койдон 200 козу алам" дегендей эле кеп экенин жакшы билет. Азыркы башкаруу түзүлүшүндө жоготуу 30 пайыздан түшкөн эмес, түшпөйт дагы. Эгер андай эле эффективдүү болуп келсе, эмне үчүн тармак өзүн өзү каржылай албайт? Демек 2 гана көйгөй бар. Же башкаруу түзүлүшү натыйжалуу эмес, же толугу менен мамлекетти алдоо. Демек мындай башкаруу формасын өзгөртмөйүнчө, тарифти алмаштыра берүүдөн эч натыйжа чыкпайт. Анткени, мурунку тариф боюнча каражатты толук чогултпай туруп, кийинки жогорулатылган тарифке өткөрүү эч натыйжасыз иш. Биз кайра-кайра эле жаңы кубаттуулуктарды киргизебиз деп көкүрөк койгулай бербей, турган кубаттуулукту натыйжалуу пайдаланганды үйрөнүшүбүз керек.

Жыл сайын келген министр электр энергиясын пайдалануу 10 пайызга өсүү дейт. алардын айтуусу боюнча карасак, биздин мамлекетте өнөр-жай өркүндөп, бака-шака түшүп иштеп жаткандай сезилет. Бирок чындыгында андай эмес да. Азыр акылдуу эсептегичтерди коюп жатабыз деп, ушул ишке басым жасоодо. Биз азыр канчалаган каражат коротуп аларды коюп алып, кийин кайра башка өлкөлөрдөгүдөй көп тарифтүү эсептегичтерге алмаштырабызбы деп ойлойм. Анткени, чет мамлекеттерде ар бир электр кубатын колдонуучу күндүн кайсыл убагында колдонуу пайдалуу экендигин эсептеп, өзү эле график түзүп алат. Электр тармагы бул технологиялык жактан караганда өтө татаал тармак. Демек биз каалайбызбы, же каалабайбызбы, айтор, башка мамлекеттер менен атаандаштыкта жашаш үчүн Кыргыз мамлекетинин иштөө өзөгүн түзгөн бул тармакты натыйжалуу иштетишибиз керек.

Ал үчүн биринчи кезекте жасалма дипломдууларды эмес (кесиптик лицейден баштап жогорку энергетикалык факультеттерге чейин) чыныгы кесипкөйлөрдү даярдап, иним эле, агам эле, жердешим эле деген сыяктуу оорудан арылып, кесипкөй кадрларды тартуу зарыл.

Экинчиден, энергетиканы башкаруу тармагына "менин партияма, же жеке өзүмө кызмат кылат" деген башкаруучуларды алып келбей, ушул убакытка чейин чыныгы энергетиктердин ар бири жылуу сөз менен эскерген, СССР убагында эл аралык энергетика маселесин чече билген И.А.Давыдовдой кесипкөй адамдар керек. Эгер азырынча андайларды таба албасак, анда өнүккөн мамлекеттерден күчтүү менеджерлерди жалдайлы да, алардан үйрөнөлү. Азыр болсо Президент айткандай, "бизди Кудай эле сактап турат".

АКМАТБЕК НОГОЙБАЕВ

# Майлуу бет чыдамдуу келет

Дүйнө жүзү боюнча пластикалык операциялар эң көп жасалат. Бирок бир дагы хирург териңизди толук кандуу идеалдуулукка жеткире албайт. Андыктан айдай жүзүңүзгө бычактын мизин тийгизбей эле, төмөнкү кеңештерди аткарсаңыз оң болорун унутпаңыз





### Быштак маскасы

1 кичине чыны быштак.
1 чай кашык кам каймак.
1 чай кашык бал.

**Даярдоо:** Кам каймак, быштак жана балды толук бир калыпка келгиче чалып аралаштырасыз.

Бетиңизге тегиз сүйкөп, 20–25 мүнөт өткөн соң, жылуу суу менен жууп, жумшартуучу бет май менен майлап коёсуз.



### Беттеги тактарды кетирүү

Бир лимондун жарым ширесине жумуртканын агын аралаштырып беттеги тактарды кетирүү үчүн ыкчам даярдала турган маска жасаса болот. Масканы бетке сүйкөп, 15 мүнөт өткөн соң, жылуу суу менен жууш керек. Маскадагы лимон бетти агартуучу касиетке да ээ.



### Татынакай колдор

Кол терисин жумшартуу үчүн кадимки айранды пайдаланса болот. Эмесе бизге керектүү нерселер:

1. Жарым чыны айран
2. 1 чай кашык өсүмдүк майы
3. жумуртканын сарысы.

**Даярдоо:** Кефирди жумуртканын сарысы менен өсүмдүк майына кошуп чалабыз. Андан кийин колубузга сүйкөп, 25-30 мүнөт кармап, убактысы бүткөндө жууп салабыз.



### Чачтын ылдам өсүүсүнө бальзам жардам берет

2 аш кашык кастор майын 1 чай кашык алма уксусу менен аралаштырып, ага жумуртканын сарысынан экини кошуп, даяр болгон аралашмага 3 аш кашык кадимки эле күнүгө колдонуп жүргөн шампуньдан кошуп аралаштырабыз.

Бальзамды сууланган чачка сүйкөп, сыртынан полиэтилен жылтырагы менен жаап, 10–15 мүнөттөн кийин жылуу суу менен жууп саласыз.

### Чачтын түшүүсү анын жашоо циклинин бир стадиясы

Эгер бир суткада 20–50 тал чач түшсө, мунун коркунучу жок. Эгер андан да көп түшүп баштаганын сезсеңиз, анда чара көрүшүңүз керек.

**1.** Жаңы жашылчаларды, мөмө-жемиштерди көп жеңиз. С витаминине бай жемиштерге – алма, киви, ананас, жүзүм, дегеле цитрус жемиштерине басым жасаңыз. Жаңы бадыраңды да жеп турууну унутпаңыз. Ал кремнийге бай.

**2.** Күнүмдүк тамагыңызга өсүмдүктөрдү, күрүчтү көп кошуңуз. Аларда цинк жана В6 витамини көп. Бул азыктарды эртең менен тамакка кошконуңуз жакшы.

**3.** Буурчак азыктарын көп колдонуңуз. Алардын курамындагы В тобундагы май сымал витамин тамырга холестерин туруп калышына жолтоо болот.

**4.** Эттүү жана балыктуу тамактарга лимон соусун кошуп алыңыз. Анын кычкылы белокторду жарып, жакшы сиңишине жардам берет. Белок менен кошо В тобундагы витаминдерди да аласыз.

**5.** Эгер дайыма геркулестин тундурмасын ичип турсаңыз, чачыңыз тим эле кулпуруп калат. Аны даярдоо оңой: кечинде 1 стакан сулу унуна 1 литр суу куюп, 12 саат коюп, эртең менен сүзүп алып иче бересиз. Ошондой эле эртең менен жана кечинде 1 аш кашыктан жүгөрүнүн, зайтундун же күн караманын майын ичип турган жакшы.



### Безеткиден арылуунун бир жолу

Косметологдор безеткиден үй шартында төмөнкүдөй ыкма менен арылууга болорун айтып келишет.

Помидор – 1 баш,
Ун – 2 чай кашык,

**Даярдоо:** Помидорду эзип алган соң, ун менен аралаштырып бетиңизге сүйкөө сунушталат. Кармоо убактысы толук жарым саат.

**Эскертүү:** Безеткиден сыгып салуу менен арылам дегенден алыс болуңуз. Эгер бетиңизде мурда-кийин безеткиден калган тактар болсо, бадыраңдын кабыгы менен күндө бир маал сүртүп туруңуз.

### Майлуу бетке кантип кам көрүү керек?

Майлуу бет май бездердин катуу иштешинен пайда болот. Түтүкчөлөрү кенен майлуу бет апельсиндин кабыгына окшоп турат. Кээде алардын майда кошумча тешиктери тарып, чаң толуп кеткенде, бетте кара чекиттер – комедондор пайда болот. Ал эми беттеги тешиктерге кичине эле жугуштуу микробдор кирип кетсе, безеткилер чыга баштайт. Аны сыгып салууга болбойт. Себеби, ырбап отуруп, андан да чоңоюп кетиши мүмкүн.

### Майлуу бет кургак беттен артыкчылыгы бар

Майлуу бет безеткиге жакын болгондуктан, ага кам көрүүнү жаш кезден эле баштаган оң. Майлуу беттин кургак беттен айырмасы – ал калың келип, одуракайыраак тартып, бат эле жалтылдап майланышып кетет. Өтө майлуу беттер ал тургай, көгүш түстөнүп да кетет. Бирок, анын жылма көрүнгөн кургак беттен артыкчылыгы бар. Бул артыкчылык – анын калың жана майлуу болгондугунда. Башкача айтканда, майлуу бет күн нурунун, суунун, муздак шамалдын терс таасирлерине туруштук берет. Ошондуктан, бети майлуу адамдардын жүзүнө бырыш кеч түшөт. Мындай бетке майлуу бетмайларды колдонуунун кажети жок.



### Майлуу бетке жасалуучу элдик маскалар

**1. Айран маскасы:** Бир үзүм кебезди айранга малып, аны бетке 1 мүнөтчө жаап коёт. Буга 1 чай кашык быштак кошуп туруп, аралаштырып колдонсо болот. Бул маска терини кургатып, беттин майлуулугун азайтат.

**2. Ачыткы маскасы:** 20 грамм камыр ачыткыга 1 чай кашык лимон же клюква маңызын кошуп аралаштырып алат. Бул маска терини тазалап, жумшартат жана беттин майлуулугун азайтат.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ



# Жаш дебатчы Акылбек Өмүрбеков: “Кыргыз тилиндеги дебатка суроо-талап күч”

Өз оюн кыргыз тилинде анча-мынча атка минерлерден он эсе артык айтып, көңүл кубанткан билимдүү жаштар арбып бара жатканына сүйүнөсүң. Эне тилде дебатты өнүктүрүү үчүн болгон аракетин жумшаган, жаштарга шык берүү боюнча талкуу борборунун уюштуруучуларынын бири жаш дебатчы Акылбек Өмүрбеков менен маектештик

**– Маегибизди баштаардан мурун өзүңүз тууралуу кыскача маалымат бере кетсеңиз.**

– Мен 1995-жылы 4-январда төрөлгөм.Үч бир туугандын кичүүсүмүн. Апам 29 жылдан бери мугалим болуп эмгектенип келет. Эжем менен байкем үй-бүлөлүү. Өзүм учурда Кыргыз-Түрк Манас университетинин коммуникация факультетинин коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн 3-курсунда окуп жатам.

**– Дебатка качан, кантип аралашып калдың?**

– 2012-жылы КТМУда даярдоо курсунда окуп жаткан кезде эки студент келип, “акты кара деп ишендиргиң келеби” деп сурап калды. Ошондон тартып дебатка кызыгуум пайда болгон. Анткени мен мектепте окуп жүргөндө көпчүлүктүн арасында билинбеген, көрүнбөгөн уялчаак бала элем. Бирок ичимде эл алдына чыгып сүйлөп, лидер болом деген кыялым бар болчу. Дебатка келгенимде активдүү, дүйнө таанымы кенен балдар-кыздар менен тааныштым. Аларды көрүп, коркуу сезими пайда болсо да, кыялымды ишке ашырам деп, каалоом күчтүү болгондуктан, дебатта өз мүмкүнчүлүгүмдү ача алдым.

**– Ошентип дебатка кирип, өзүңдү тааптырсың да. Сени өзгөчө шыктандырган ийгиликтериң кайсылар болду?**

– Дебатта жүргөндө, КТРКга “Ачык коомдун пикир айтышуусу”, “Манас” жаңырыгынын “Жарыш сөз” деген теле-дебаттарынын биринчи сезонунун жеңүүчүсү болдум. Теледебатта депутаттар, ишкерлер менен дебатка чыгып, аларды жеңип алган учурларыбыз да болгон. Ушулардын баары мени шыктандырды десем болот.

**– Жаштарды өнүктүрүү боюнча дебат борборунун уюштуруучуларынын бири экенсиң. Бул борборду ачууга эмне түрткү болду?**



“Ачык коомдун пикир алмашуусу-2013”, “Жарыш сөз-2013” теле-дебаттарынын жеңүүчүсү, “Манас кап-2014”, “Саякат кап-2015” кубокторунун ээси жана I даражадагы спикер, жаш дебатчы Акылбек Өмүрбеков. Акылбек 1995-жылы, 4-январда туулган. Үч бир туугандын кенжеси. Кыргыз-Түрк Манас университетинин коммуникация факультетинин коомчулук менен байланыш жана жарнама бөлүмүнүн 3-курсунун студенти.

– Ооба, кыргыз тилдүү дебатка суроо талап күч алгандан бери көптөгөн долбоорлорго идеялар жаралып, демөөрчүлүк кылам дегендер да көбөйөт экен. Мына ошолорду ишке ашыруу үчүн дебатчылар биригип иш алып барышыбыз керек болду. Ошондон улам, бир чоң борборго бириктик. Анын алкагында келечекте Кыргызстандын бардык аймактарында дебат клубдарынын башын бириктирген борборго айланууну пландап жатабыз. Мурда орус тилдүү дебат коомчулугу менен иштешчүбүз. Быйыл өзүбүзчө бөлүнүп иштеп жатабыз. Бүгүн жаштарды кыргыз тилин үйрөнүүгө, кыргызча сабаттуу сүйлөөгө шыктандырган мотивация жок. Ошондуктан кыргыз тилине болгон жаштардын кызыгуусун өстүрүү үчүн жаштар арасындагы дебатты популярдуу кылууну чечтик.

**– Эми жеке жашооңо өтсөк, сенин бул ийгиликтериңди багынтууңа таасир берген адам бардыр?..**

– Ооба, бар. Биринчи кезекте дебаттагы алгачкы тренерим Айпери Сейитбекова. Андан кийин мени менен чогуу дебатты үйрөнгөн жаштар, досторум десем болот. Аларга атаандашып, кетирген каталарымды анализдеп отуруп, ушул деңгээлге жете алдым. Дебатта талкууга коюла турган ар бир темага олуттуу мамиле жасап даярданчумун. Өзүм айылдан келгендиктен, дүйнө таанымым башкаларга салыштырмалуу, чынын айтсам, төмөн болчу. Натыйжада ар бир берилген темага даярданууда алган билимимдин аркасында өнүгө алдым. Кээде атайын дебатка катышпай, оппоненттеримдин оюндарын көрүп, алардын стилдеринин оң жана терс жактарын байкап, ошого жараша ойночумун. Жалпылап айтканда, ушулардын баары ийгиликке жетишиме таасир берди.

**– Маегибиздин башында үй-бүлөңүз жөнүндө айтып жатып, атаңыз жөнүндө сөз кылбадыңыз...**

– Атам инженер болчу. 2006-жылы каза болуп калган. Эки жолу ийгиликтүү операция болгонуна карабай, рак кызыл өңгөчүнө өтүп кеткенине байланыштуу оор абалда каза болгон.

**– Дебаттан башка дагы эмне менен алектенесиз?**



Дебат учурунда

– Дебат менен бирге “Тамашоуго” да бара баштагам. Ал учурда Жогорку Лиганын 4-сезонунун чемпиону болгон “Ак кеме” тайпасы бизди даярдачу. Даярдоо курсунда КТМУнун чемпиондугунда финалга чыгып, 5-орунду ээлегенбиз. Ошону менен “Тамашоунун” Жогорку Лигасынын жазгы фестивалында ойнодук. Ал кезде биздин университеттин атынан чыккан жалгыз команда элек. Быйыл “Тамашоудон” кеттим. Азыр өзүм окуган коммуникация факультетинин президентимин. Студенттерге практикалык иш үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүүнү максат кылып атам. Ошондой эле жакын досум Жакшылык Айтбаев менен “Селфикаттоо” деген долбоорду ийгиликтүү ишке ашырдык. Ага 100 000ден ашык адам катышып, жыйынтыгында жеңүүчүлөргө баалуу белектер тапшырылды.

**– Келечектеги пландарыңыз кандай?**

– Биринчиден, кыргыз тилинде сүйлөгөн жаштардын арасында дебатты мындан ары да өнүктүрүү үчүн жаңы идеяларды ишке ашырсам дейм. Анан келечекте дүйнөлүк деңгээлдеги дебатчы болгум келет. Магистратураны башка өлкөдө окууну самап келем. Ошондой эле өзүмдүн PR компаниямды түзүп, ишке киргизип, андан кийин гана үй-бүлө курууну пландап жатам.

КЫЛЫЧБЕК КЫЗЫ ЫРЫСБУ

# Дасторкон көркү

### Бизге керектелүүчү азык-түлүктөр

1. 2 жумуртка
2. 1 стакан кум шекер
3. 2 кашык бал
4. 100 гр сары май
5. 2 кичине кашык соода
6. 3,5 стакан ун
7. 200 гр 20 % каймак

Алгач жумуртканы жакшы аралаштырып алган соң ага кум шекерди, балды, сары майды кошуп, коюулангана чейин аралаштырасыз. Андан кийин соода менен унду кошуп аралаштырасыз да, ийге келгенден кийин үстүн жаап, 45 мүнөт жылуу жерге коюп коёсуз. 45 мүнөттөн кийин камырыңызды бешке бөлүп, ар бир бөлүктү кылдаттык менен жука жаясыз. Камырыңыз өтө жука болгондуктан кагазга коюп жайганыңыз да оң болот.

220 С духовкасында 20 мүнөттөй бышырасыз


Каймак менен кум шекерди аралаштырып крем даярдап алып, ар бир жайылган камырыңыздын ортосуна сүйкөп, бириктирип, чекелерин тегиздеп чыгасыз. Бышкандан кийин үстүнө бал менен аралашкан жаңгакты сээп койсоңуз болот. Тамагыңыз даамдуу болсун окурман!

# Барпы акындык өнөрдүн чебери

Гезитибиздин бул санында өзү социалдык жактан төмөнкү катмардан болсо дагы, азуулуулардын заманында өз позициясынан тайбаган даанышман акындын чыгармачылыгы тууралуу азын-оолак сөз кылмакчыбыз

### Барпы апыз жөө айтышкан

Акындар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү Барпы Алыкулов жаштайынан тагдырдын татаал сыноолорун башынан өткөргөн. Кыргызстанга Совет бийлиги орногонго чейин кендирди кескен жокчулук менен кармашып, азабын далай тарткан. Айтыш өнөрүнүн башка өкүлдөрүнөн айырмаланып, Барпы апыз жөө ырдаган. Башкача айтканда, музыкалык аспаптын коштоосу жок эле айтышка чыккан. Бул түштүк акындарына мүнөздүү салтты ал өмүрүнүн акырына чейин сактаган. 15 жаш курагынан тарта чыгармачыл идиреги бар Барпы Алыкулов ар кандай топтордо, жыйындарда өзүнө окшоп эзилген элдин кайгысын, муң-зарын бөлүшүп ырдап, түрдүү айтыштарга түшө баштаган. Анын алгачкы чыгармачыл дебюту "Залим хандын азабы" деген ыры болгон. Оор турмуштун айынан ден-соолугу да бузулуп, көрүүсү начарлап кеткен. 20га чыккан кезинде акындардын пири, тоо булбулу Токтогулга жолугууга барат. Бул окуя 1915-жылы болот. Барпы ырдап, көптүн көзүнө көрүнө баштагандан тартып эле, Токтогулдун кабарын уккан. Токтогул менен жолугушуп, андан үлгү алууга кызыккан. Бирок жардылыктын кесепетинен алыскы Кетмен-Төбөгө барууга мүмкүндүк таба алган эмес. Ошондой болсо да, Токтогулга жолугууну, анын нускалуу сөздөрүн угууну алдына максат кылып алган Барпы акыры Токтогулга жолугуп кайткан. Бул жолугушууда Токтогул Барпыны өз сынынан өткөрүп, үстүнө тон кийгизип, алдына ат тартып батасын берген.



Барпы Алыкулов (1884-1949)

Көпчүлүк акындардай эле Барпы да совет бийлигин кучак жайып тосуп алып, анын идеясын таркатууга салымын кошкон.

### Барпы – лирик жана даанышман

Барпынын чыгармачылыгындагы негизги багыттардын бири лирикалык жанр болгон. Ата журттун коодугун ырга салуу менен бирге, адамдын ички сезимин билдирген лирикалык чыгармаларды жогорку чеберчиликте жарата алган. Анын "Аккан суу", "Шамал", "От", "Күн", Ажал" аттуу санат ырларында табияттын керемет күчү, өмүрдүн утурумдуулугу, өлүмдүн эртеби-кечпи келери, андан эч ким кача албай тургандыгы, ага каршы эч кандай ылаажы табылбасы тууралуу философиялык ой толгоолору чагылдырылган.

Ал эми "Өзгөчөм", "Мөлмөлүм", "Гөзөл кыз" аттуу лирикалык ырлары кыргыз поэзиясындагы махабат тууралуу классикалык чыгармалар бойдон жашап келе жатат.

Ошондой эле улуу акындын адеп-ахлак, дидактикалык багыттагы чыгармаларына баа бербей коюуга мүмкүн эмес. Буга анын "Аялдын жакшысы", "Аялдын жаманы", "Өзү заар, тили каар","Питина", "Напси", "Жоомарттык", "Ач көз", "Болор жигит", "Болбос жигит", "Ак дилбар", "Мырзайым", Арзыкан" аттуу ырлары мисал боло алат. Мындай чыгармаларында акын адамдын табиятындагы терс сапаттарды ашкерелеп, жакшы сапаттарды даңазалаган.

### Айтыштын чебери

Барпы айтыш өнөрүнүн бардык түрлөрүн жогорку чеберчиликте өнүктүрө алган зээни күчтүү акын болгон. Акындык беттешүүлөрдө күтүүсүз пайда болгон абалдан ыктуу чыгып, беттешкен атаандашынын чыгармачыл ой-дараметин улай алган жөндөмдүүлүгү артыкчылык кылган. Буга анын Токтогул, Жеңижок, Калмырза, Эшмамбет, Нурмолдолор менен айтышканын мисал кылсак болот.

*Ак кымкаптан тон албайм,*
*Ак күмүштөн сом албайм.*
*Ар кимди барып бир мактап,*
*Ары жок ырчы боло албайм.*

Бул төрт сап ыр өткөн замандын улуу ойчул акыны Барпы Алыкуловдун турмуштук кредосу болгон.

Мына окурманым, өтмүштүн улуу акындары өздөрү дүйнөдөн өтүп жок болсо дагы, алардын чыгармаларындагы бийик, түбөлүктүү идеялары урпактардын сезиминде жашай берет экен. Бүгүнкү форматтын чектелүү болгонуна байланыштуу Барпынын чыгармачылыгы тууралуу кыскача баяныбызды ушуну менен соңуна чыгарабыз.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Мастандын энесин издегени

### Мастан кемпирдин абалы

Жакынкы убактарда эле кайсы бир жерде, кайсы бир шаардын четинде мастан кемпир жашаптыр. Бирок, анын мастан экенин эч ким билчү эмес экен. Көрсө, бечера мастан илгеркидей эч кимди алдай албай, мастандык кыла албай калган тура. Мисалы, бирөөнү алдап, ууланган алма берип өлтүрүп коёюн десе, дароо милиция кармап алгыдай. Же болбосо кимдир бирөөнү казанына салып бышырып жейин десе, анысы бат эле билинип калмак да телевизорго чыгарып, мастандыгын бүткүл дүйнөгө жар салып коюшмак. Ошону менен ал бүтүндөй элге таанымал болуп, түрмөнүн түбүндө чиригидей. Кыскасы, мастан кемпир канчалык мастан болгону менен адамдарга зыянын тийгизе албай калыптыр. Болгону, ал токойдун арасындагы өзүнүн жаман кепесинде наалып-напчып отура берчү имиш.

– Ушу азыркы кишилер кыйын болуп кетти. Керек болсо, кичинекей балдары да акылдуу. Жашабай жатып баарын билишет. Ушунчалык көп окуп, акылман болуп кеткендин кимге кереги бар эле, – деп сүйлөнүп кейичү ал. Кейибей анан?! Өткөндө эле бир баланы эптеп алдап кармап алса, ал ата-энесине телефон чалып, бат эле кутулуп кетти. Мастан кемпирди болсо аз жерден түрмөгө камап коё жаздашты. Байкуш кемпир оорукчан болумуш болуп араң кутулду. Ошондон бери кичине балдардан да коркуп жүрөт.



Бирок, мастан деген баары бир мастан да. Ал кимге жамандык кыларын билбей, башы катып, кыйналып жүрдү. Күнүгө бир маал шаарга барып, балдарды байкап, карап келет. Чынында, ал ары-бери чымылдап чуркап жүргөн тентек балдардан коркот. Андайларга тийип эле койсоң элдин баарына айгай салып жибергидей. Андан көрө көп сүйлөбөгөн, болпойгон балдардан кармайын дечү.

### Китеп окуган бала

Бир күнү ал адатынча шаарды айланып келгени жөнөдү. Бирок, бул жолу негедир башка эле жолго салды. Ооба, шаар четиндеги талааларды, же токойлорду карасаңар, бир адам гана баса турган жалгыз аяк жолдор болот эмеспи. Мына ошондой чыйыр менен келатты. Коңкойгон ийри тумшугун жашыргансып түксүйгөн түгү бар жоолукка бекем оронуп алган неме ийрейген алсыз колуна кайдан табылганы белгисиз жаман баштыгын илип алып, калаага кирип келди. Бирок, шаарга киргени менен ал бир канча саат айланып басып жүрчү мектепке жеткен жок. Себеби, анын издегени так ушул кире бериштен эле табыла калды.

Шаардын четиндеги чаканыраак үйдүн алдында кандайдыр бир бала китеп окуп отуруптур. Анан калса, так эле өзү ойлогондой болпойгон бала экен. Момурайып отурганы да башкача. «Мындайларды бат эле алдаса болот» деди мастан ичинен кымындап. Анан калп эле чарчаган киши болуп, белин басып кайкалай калып сүйлөнө баштады.

– Өх-х, белим ий, белим! Бул карылык деген азап тура. Буттардын да ооруп турганын карабайсыңбы. Ө-өх...

Ушунтип сүйлөнгөнчө акырын бала тарапка көз кыйыгын салды. Бала кудум мастан күткөндөй жалооруй карап калыптыр. Кемпир эми ого бетер экиленди.

– Алда катыгүн ай! Алда катыгын! Ушунтип карыгыча жан кыйып кете бербей эмне! Олдо белим ай, олдо белим!..

Болпогой бала чыдабай кетти окшойт, жанына чуркап келип колунан кармады.

– Чоң эне, бир аз отуруп эс алып албайсызбы? Жүрүңүз тиги жерге, – деп өзү отурган орундукту карай жетеледи. Мастанга ушул эле керек эмеспи. Ичинен кымындай кубанганча бала айткан орундукка барып кыңкыстамыш болуп отурду.

***(уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Спортто күрөшкөнгө эле карайбы?

Бишкектин дене тарбия академиясынын 3-курсунун студенти, Кыргызстан самбо курама командасынын мүчөсү Аманбек Саламатов 2015-жылы эгемендүүлүк күнүнө карата Каракол шаарында өткөн мелдеш учурунда катуу жабыркап, эки буту иштебей калган. Ошондон бери жардам алуу үчүн түрдүү эшиктерди каккылап, өз үнүн угуза албай келет

## Спортто кырсыктагандарды карабайбы?

Мелдештен жабыркаган Аманбек Саламатовдун иниси Эсенбек Саламатов Республикалык спорт комитетинин башында жардам беребиз деп коюп, кийин убадасын аткарбай койгонуна наамразы экенин төмөнкүчө билдирди. "Агам менен күрөшкө чыккан бала жаңы үйрөнчүк экен. Күрөш учурунда байкем аны көтөрүп чаба турган болгондо каршылашы коркуп кеткенби, иши кылса, бутун салып жиберип байкем башы менен жерге кулайт. Каршылашы болсо болгон салмагы менен үстүнө баса жыгылып, натыйжада агамдын мойну чыгып, кемирчеги ажырап, жүлүнү кысылып калган. Андан кийин Каракол тез жардам кызматы келип аны ооруканага алып барып, темир замбилге жаткырып салышат. Агамдын төштөн ылдый жагында жан жок болгондуктан бир сааттын ичине темир замбилде жатып, жамбашы оюлуп кетет. Негизи эле көп жаткан адамдардын денеси оюлуп кетет дегилечи. Бирок, байкемдин жамбашы оюлуп кеткенине так ошол доктурлар күнөөлүү. Жан жок болгондуктан дене бир заматта жанчылып, бир айдын ичинде оюлуп түшүп калды. Ошону менен Каракол шаарында томография жок болгондуктан машыктыруучу агайы Александр Лареоновго чалсак, ал "Меди" аттуу жеке клиникага сүйлөшүп берди. Натыйжада, "Меди" клиникасынын тез жардамы Караколго келип, Юрфа медициналык борборунан, андан кийин өздөрүнүн жеке клиникасынан томографияга тартты. Эртеси мойнуна операция жасалды. Ошол операция ийгиликтүү өткөндүктөн, агам сол колун көтөрүп калды. Бирок, ошол жеке клиниканын Каракол шаарына барышы эле 25 миң сом болуп, аны Каракол спорт комитети төлөп берди. Ал эми калган операциянын жалпы баасы 300 миң сомго чыкты. Ал жерде дарылангандан кийин агамды Таш-Дөбөдөгү (Воронцовка) реабилитациялык борбордо 12 күн жаткырып, дарылануу курсуна 15 миң сомдой кетирдик. Биз учурда күнүгө промежной мазьдан 3тү алабыз. Ал 300–400 сомдой турат. Реабилитациялык борбордон кийин агамды кайра Ысык-Көлгө алып бардык. Учурда эки колу тең иштеп, тамак жеп калды. Чынында агам менен күрөшкө чыккан баланын деле күнөөсү жок. Бул эми кырсык да. Болгону күрөшө албаган балдарды киргизбей, карап коюшса болмок. Бул окуя болгондон кийин ал бала 5 миң сом берген. Ошол боюнча андан деле дайын жок. Байкем жөн эле койгула деди. "Келсе өзү келер" дейт. Атам болсо Республикалык спорт комитетине "жардам көрсөткүлө" деп кайрылуу катын жазган. Алар "кеткен чыгымдардын дүмүрчөктөрүн кошо тиркеп бергиле" деп айткан экен. Аларды да тиркеп бергенбиз. Бирок эч кандай жардам болгон жок. Негизи жардам беребиз деп коюп карабай койгондору жаман экен. Же эмне спортто күрөшкөнгө эле карап, кырсыктаганга карашпайбы? Өткөндө мен бул маалыматты интернетке чыгаргандан кийин гана президенттин аппаратынан чалып, 4-январда 100 миң сом беришкен", – деп көөдөндөн көк түтүнү буркурады.

## "Спорт комитети айткан сөзүн аткарган жок"

Ал эми мелдештен жабыркаган Аманбектин атасы Саламат Жанжигитов баласына күндө 1200 сом сарпталып жатканын айтат. "Мен спорт комитетине барып, эмне керек экенин жаз дегенинен кайрылуу жазгам. Бирок эч кандай деле жардам алган жокмун. Бул кайрылууну мен балам катуу ооруп жатканда жазгам. Кийин телефон чалсам ,алар кыйкырып коюшту. Ошондон баштап кайра чалган жокмун. Бизге башында "келиңиз, жардам беребиз, кайрылуу жазыңыз" деп чакырып алышып, анан айткан сөздөрүн аткарышкан жок. Жаңы жылдын алдында спорт комитетинен бюджетте мындай кырсык каралган эмес деп кат келди. Баламды азыркы абалга кайтаруу үчүн 1 миллион сомго жакын каражат кетти. Ал эми күн сайын таңууга жана мазьга 1200 сом сарпталууда", – деп кейиди ал.

## "Өзүм бутума турам деп эле үмүттөнүп жатам"

Ал эми Эгемендүүлүк күнүнө карата уюштурулган мелдеште жабыркаган Аманбек Саламатов бул окуя кандай болгонун мындайча айтууда: "2015-жылдын 31-августунда күрөш боюнча мелдеш учурунда жабыркагандан бери төшөктө жатам. Мени менен күрөшкө чыккан баланы күнөөлүү деп эсептебейм, болгону кокустук болуп кеткен. Мен эч кимди деле бул окуя боюнча күнөөлөгөн жокмун. Атаандашымды ошол окуя болгон күндөн баштап көрө элекмин, каралашып жардам деле берген жок. Бишкектеги дене тарбия академиясынан жакшы эле жардам көрсөтүлдү. Бутка туруу үчүн тренажерный, дары-дармек жана башкаларды алыш керек экен. Дары-дармекке көп акча кетип жатат. Колдорум дагы иштебей калды эле, азыр акырындап иштеп калды. Колдон келсе үйдө жатпай реабилитациялык борборлорго барып туруш керек экен. Өзүм бутума турам деп эле үмүттөнүп жатам. Түркияда бутка тургуза алган операция жасалат экен. Бирок барып барып эле акчага такалып жатат. Жанымда дайыма атам, иним, келинчегим болуп жакшы жардам көрсөтүп жатышат. "Сен кандай болсоң да, эмне болсоң да сени сүйөм. Ошон үчүн баш кошконбуз да" деп келинчегим көңүлүмдү көтөрөт", – деди ал.

## "Андан биздин үмүтүбүз чоң болчу"

Ал эми Аманбек Саламатовдун машыктыруучусу Александр Ларионов окуянын чоо жайын төмөнкүдөй баяндап берди. "Студенттер каникулда болчу. 31-август Эгемендүүлүк күнү болгондуктан Каракол шаарында мелдеш уюштурулуптур. Биздин команда ал мелдешке барган эмес. Ал эми Аманбек өз каалоосу менен эле барыптыр. Мен бул тууралуу билген да эмесмин. Ал жерде улуттук күрөш боюнча мелдешке катышкан экен. Күрөш учурунда башы менен жерге катуу тийип, мойну катуу урунуп алган. Чынында ал өзү жөндөмдүү, идиректүү бала болчу. Институтта да жакшы окучу. Үмүтүбүз да чоң эле. Бул тууралуу мен Бишкекке алып келгенде гана билдим. Эми бул жерде эч кандай күнөөлүүнү таба албайбыз. Себеби, бул майрамдык иш-чара болчу да. Бирок, менимче кандай болгон күндө да дарылануусуна 1 миллион сом кеткен жок. Анткени ага "Меди" клиникасы кайрымдуулук катары жардам көрсөтүп, Аманбектин операциясын бекер жасап беришти. Дене тарбия академиясы Таш-Дөбөдөгү реабилитациялык борбордо жатканына төлөп берди. Чынында аны бутка тургузуу үчүн дагы көп каражат керек. "Меди" клиникасынан жасалган операция ийгиликтүү өткөнү менен бутка туруп кетишине доктурлар 50% гана кепилдик берип жатат. Эми бул өзүнөн гана болот. Аманбек өзү эрки күчтүү жигит. Кудай буюрса, бутуна турат деп ишенем", – деди.

## "Бул маселеге уюштуруучулар жооп бериши керек"

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери жана дене тарбия мамлекеттик спорт агенттигинин пресс-катчысы Нурдин Султанбаев аталган кырсыкка иш-чараны өткөргөн адам жооптуу экенин төмөнкүчө билдирди: "Негизи мелдеш регламентке жараша өткөрүлөт. Мына ошол регламентте ким жооптуу, эмнеге жооптуу экени ийне-жибине чейин жазылышы керек. Ошондон улам ал иш-чараны биз уюштурбагандан кийин кандай болду, эмне болду, биз аны айта албайбыз. Негизи, спортчуну камсыздандыруу деген нерсе бар. Спортчу мелдешке барганда анын жанында тренери болушу керек болчу. Дүйнөлүк масштабда деле машыктыруучу баарына жооптуу болот. Спортчу мелдеш учурунда жаракат алса, анын жанында машыктыруучусу туруш керек. Ал кандай учурда эмне кылуу керек экенин айтып турат. Атасы кат жолдойбу, жолдобойбу, бизде материалдык жардам деген берене жок. Биздин өзүбүздүн мисалда да жок мындай нерсе. Бул окуя боюнча укук коргоо органдары эмне үчүн балага доо кетти эле деп текшериш керек. Ошол боюнча анан иш жүрүшү керек. Эгерде ошол иш-чараны биз өткөргөндө, анда жардам болмок. Андай учурлар буга чейин да болгон. Спортто эң негизгиси – камсыздандыруу. Айтмакчы, жер-жерлерде мындай мелдештер көп өткөрүлөт. Ошондон улам анын баарына көзөмөл салуу да мүмкүн эмес. Кыскасы, бул маселеге уюштуруучулар жооптуу болушу керек эле.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Дүйнө башка, биз башка тарапка кетпешибиз керек

20-23-январь күндөрү Швейцариянын Давос шарында Дүйнөлүк экономикалык форум (WEF) болуп өтөт. Бул иш-чара «Давос форуму» деп да аталат. Ушундан улам, биз дүйнөнү таанып, анын багытына жараша кетүүбүз үчүн эмне кылышыбыз керек деген суроо туулду...

## Давостун башаты

WEF бейөкмөт уюмун 1971-жылы Швейцариянын Женева университетинин экономикалык башкаруу боюнча профессору Клаус Шваб түзгөн. Уюмдун алгачкы чогулуштарында дүйнөдөгү экономикалык атаандаштыкта Батыш Европанын абалын жакшыртуу талкууланып турган. Ошентип башында экономикалык маселелерди гана карайт деген форум, бара-бара саясий көйгөйлөрдү да карай баштаган. Ошол эле 70-жылдардын ортосунан баштап ал дүйнө алкагындагы эң маанилүү иш-чара даражасына чыккан. Бирок бул демилге көпкө чейин «Европалык башкаруу форуму» деп аталып келген. 1987-жылы гана азыркыдай дүйнөлүк экономикалык форум (ДЭФ) деген статус алып, WEF (World Economic Forum) логотибине ээ болгон.

Башында WEFтин негизги максаты ишкерлерди дүйнөнүн багыт алып бараткан тараптары менен тааныштыруу, тажрыйбалар менен бөлүшүү, ийгиликтүү үлгүлөрдү жайылтуу болгон. Бирок бара-бара ийгиликтүү ишкер болуш үчүн экономикалык маселелерди гана билүү жетишсиз экени сезилген. Ошондон баштап окумуштууларды, коомдук ишмерлерди жана мамлекет жетекчилерин форумга чакырууга өтүшкөн. Натыйжада иш-чаранын маанилүүлүгү барган сайын жогорулап кете берген. Советтер Союзу жыгылып, экономика, саясат жана маданияттын ааламдашуу мүнөзү тездегенде WEFтин таасири бүтүндөй дүйнөгө тие баштаган.

## Быйылкы Давостун темалары

Быйылкы Давоско 2500 конок чакырылган. Анын ичинде 40тан ашык мамлекеттик жетекчилер бар. Темасы да адаттан башкача болуп, адамзатты күтүп турган ыкчам өзгөрүүлөргө жараша «IV индустриалдык ыңкылапты багыттап» деп аталган. Баарыбызга маалым болгондой IV индустриалдык ыңкылап буу кыймылдаткычынын пайда болуусу менен трансокеандык соодаsuccessfully эбегейсиз жандануусуна байланыштуу болгон. II ыңкылапка электр кубатынын кеңири колдонуусу себеп болгон, III болсо 1970-жылдары электрондук каражаттар менен IT технологиясынан улам өндүрүштө автоматташтырылган техниканы колдонуу түрткү берген. IV ыңкылап адамдын ден-соолугу жана жаратылышты сактоо менен бирге өндүрүмдүүлүктү жогорулаткан «акылдуу технология» аталышындагы роботтордун жаңы мууну кеңири колдонууга киргени турган убагы деп айтылууда. Бул аз каражат менен көп жана тез өндүрүм чыгарууга өбөлгө түзүп, адамдын бош убактысынын көбөйүүсүнө алып келмекчи.

Бул жылы мындан сырткары, Жакынкы Чыгыштагы «Араб жазынан» кийинки абал, террорчулук маселеси, Тунистеги ыңкылаптын өзгөчөлүгү жана андан алынчу сабактар, мунай жана газ сыяктуу энергеткалык ресурстарын ташуу жолдору, дүйнөгө таасир бере алчу көлөмгө жана күчкө ээ болгон Кытай экономикасы кайда баратат, АКШ тышкы саясатында кандай багыт алат, Орусиядагы кризистик абал, Орто Азиянын энергетикалык мүмкүнчүлүктөрү жана анын бул чөлкөмдүн экономикасы менен саясатына тийгизе турган таасирлери талкууга алынат. Жалпылап айтканда, акыркы жылдары дүйнө деңгээлине чыккан актуалдуу маселелердин баарына сарeсеп салынат. Алар төмөнкү 4 кичи теманын алкагында каралмакчы:

1. «Жасалма акыл» колдонулган жаңы технологиялардын саясат, экономика жана коомдук жашоого тийгизген таасири;
2. Адамга жана жаратылышка аз зыян келтирген энергетикалык булактар жана «декарбонизация» деген түтүндөн кутулуу;
3. Сириядагы абалдан улам пайда болгон дүйнөнүн террорчу жана радикалдардан коопсуздугу жана миграция;
4. Таланты жана жөндөмү менен дүйнөнүн туура багытта кетүүсүнө туруктуу салым кошо алган жаштар.

## Бизге эмнеси менен кызык?

Давос форуму – дүйнөнүн багытын белгилеп, тымызын башкарган топтун иш-чарасы деп айтылып келет. Ооба, башкарганы жана багыттаганы чындык. Бирок жашырынбай эле ачык багытташат. Алар адамзат экономика, саясат жана маданиятта эмнеге даяр болуш керек экенин байкап, алдын-ала эскерткен форум.

Биз мисалы «жасалма акыл» менен иштеген технологияларды колдонгон мамлекеттер алдыга озуп, аны колдонор адамы жок коомдор артта каларын; дүйнө өндүрүмүнүн бир аз төмөндөгөнү чийки заттар менен мунай-газдын арзандоосуна алып келгенин; барган сайын мунай, газ жана көмүрдү колдонгон техникалардын жокко чыгарыларын; мунай өндүрүү боюнча алдыңкы сапта турган араб өлкөлөрү 2050-жылга чейин андан экономикасын толук арылтуу максатын койгонун; Кытай баш болгон бардык күчтүү мамлекеттер электр жана суутек кубатын колдонгон кыймылдаткычтарга өтүү жарышына киргенин; 100дөн ашык мамлекеттердин жаштары террорчулук радикалдуу пикирде болгонунун себептерин; өнүгүүсү токтоп калган мамлекеттерден өнүккөн мамлекеттерге көчкөн мигранттардан билим жана адеп-ахлактык жактан кандай талаптар коюларын; кытайлык Яо Чен жана АКШлык Леонардо ди Каприо аттуу актерлор кайсыл сапаттарынан улам «үлгүлүү жаштар» сыйлыгын алып жатканын билгенибиз жакшы.

Давоско окшогон дүйнөлүк форумдарга көңүл буруп, жаштарыбыз кайсыл багытта билим алса, ийгиликтүү болорун билип, ошого жараша алдын-ала аракеттенсек утабыз. Ири же күчтүү мамлекеттер кайсыл багытка өзгөчө көңүл буруп, кайсыл нерселерге каражат корото баштаганын билип, тышкы саясатыбызды эң тууураак нукка багыттаганыбыз жакшы болот. Дүйнөнүн багыты кайда кеткенин билбесек, дүйнө бир жакка, биз башка тарапка кетип калсак, көп убакытты текке кетирип, эртең аларды кубалап жетүүгө көп мүмкүнчүлүктөрдү жумшаганга арагасыз болобуз.

## Биз тааныган кимдер бар?

Быйылкы Давос форумуна Казакстандын премьер-министри Карим Масимов, Азербайжандын президенти Ильхам Алиев, Түркиянын премьер-министри Ахмет Давутоглу, Украинанын президенти Петр Порошенко катышат. Орусия делегациясына өлкөнүн Ыраакы Чыгышы үчүн жоопутуу вице премьер-министр Аркадий Трутнев башчылык кылат.

ИСКЕНДЕР ОРМОН

# Римди багындырган даңазалуу Абсент

"Жылкы жылкы жылкыдыр, жылкы элдин мүлкүдүр" демекчи жылкы баласы ар убак адамга атакты, байгени жана ийгиликти алып келип турган асыл жандык. Бекеринен аргымактын жакшысы чапса байге, сатса пул деп айтылбаган чыгар. Бүгүн биз ат спортуна из салуу менен тарыхта аты калган Абсент аттуу тулпар туурасында сөз кылмакчыбыз

## Күлүктөн күлүк чыкса төрт аягы тыбырайт

Абсент 1952-жылы Жамбыл облусундагы Мерке районуна караштуу «Луговской» совхозундагы №49 жылкы заводунда туулган. Атасы Араб (аскердик аты – Казбек) маршал Жуковдун сүйүктүү аттарынын бири болсо, энеси атактуу ахалтеке тукумундагы Баккара аттуу бээ болгон. Абсенттин тулпар болушу атасы менен тыгыз байланыштуу десек жаңылышпайбыз. Себеби атактуу аргымактардын бири Араб 1935-жылдагы Ашхабад-Москва ат чабышына катышып, байгелүү орунду алган. Араб мындан сырткары да бир канча союздук мелдештерди утуп жүргөн буудан. Мына ошол атактуу тулпардын мыкты сапаттары Абсентке да өткөн десек болот.

## Саяпкери жарашса, байтал күлүк ат болор

Абсентти 1955-жылдан тарта Алма-Атадагы ат спорту мектебинде машыктыра баштапкан. Болочоктогу атактуу аргымак 1956-жылы СССР элдеринин спартакиадасына катышып, 4-орунду алган. Ушундан кийин Абсентти жылкы заводуна кайрадан кайтарып беришкен. Кийин 1958-жылы бүткүл союздук айыл-чарба көргөзмөсү өтүп, ал жерден советтик мыкты саяпкер Сергей Филатов Абсентти көрүп калган. Андагы тулпарлык сынды байкаган саяпкер аны таптоо ишин өз колуна алган. 1959-жылдан баштап Абсент Филатовдун колундагы негизги аттарынын бири болуп калган. Атактуу саяпкердин тулпар тууралуу төмөндөгүчө эскергени бар: «Абсент таптоодо баладай тил алчаак жана бөтөнчө жеңил. Бирок азоо. Аны камчылоо тууралуу ойлоп да койбош керек. Андай жазаны көпкө чейин унутпайт. Абсент менен иш алып барганымда аны катуу жазалаган жокмун».

## Римди багындыруу

Абсент СССРдеги эң атактуу аргымак. Филатов аны менен 5 жыл ичинде, тактап айтканда, 1959-жылдан баштап 1963-жылга чейин удаасы менен 5 жолу СССРдин биринчилигин багындырган. Спорттук карьерада удаасы менен 5 ирээт биринчиликти камсыз кылуусун эң мыкты көрсөткүч десек болот. Абсентке болуп көрбөгөндөй атакты алып келген жеңиш 1960-жылы Римде болуп өткөн 17- олимпиадалык оюн болду. Андагы ат чабышта Филатовдун тулпары марага биринчи келип, бүткүл СССРдин желегин желбиретти. Бул ошол мезгилдеги дүйнөнү дүңгүрөткөн окуя эле. Советтик ат спорту үчүн биринчи жолу космоско учкандай эле эбегейсиз зор жеңиш да, жаңылык да болгон. Абсентти таптаган Сергей Филатов Советтер Союзундагы ат спорту боюнча эң биринчи олимпиада чемпиону катары тарыхта калган. Абсент башаягы Римде, Токиодо жана Мехикодо өткөн 3 олимпиадага катышып, үчөөнөн тең байгесиз кайткан эмес. Атактуу аргымак советтик ат спортуна 18 жылдан ашуун кызмат өтөгөн.

## Даңазалуу аргымактын сыны

Эзелтен күлүктүн күлүктүгү сынынан эле байкалат эмеспи. Жарыктык буудан караган көздү кадалткан келбетке ээ болгон. Маңдайындагы кашкасы бөтөнчө жарашык берип, көркүнө көрк кошуп турчу. Бардык жагынан шайма-шай келген тулкусу Москвалыктарды бөтөнчө суктандырар эле. Ар бир кыймылына бүтүндөй ат спортунун өкүлдөрү таңданып да, тамшанып да бүтө алчу эмес. Айрыкча, өтө жөндөмдүү жылкы болгондуктан саяпкерин кыйнабай, тапка тез келген. Кыскасы, кыймылынын жеңилдиги, арышынын кеңдиги, келишкен мүчөсү, элпектиги, айтор, бардык сапаты аны 1 жыл ичинде СССРдеги сай күлүктөрдүн чыгаанына айландырган.

## Абсенттин тукумдары

Абсентти кийинчерээк, спорттук карьерасы аяктаган соң, өз мекенине жиберишкен. Андан кийин ал Ысык-Көлдүн жээгиндеги №54 жылкы заводго алынып келинген. Негизинен Абсенттен спорттук карьерасы менен катарлаш эле тукум да алып турушкан. Жалпы жонунан андан жетимиштен ашуун тукум алынган. Алардын арасынан рекордчу катары Аметист эсептелсе, Эльба, Домбай, Абакан, Аргумент, Аконит деген балдары жакшы жетишкендиктерди көргөзгөн. Советтик спортун чебери, дүйнө чемпиону, Европа жана олимпиада оюндарынын чемпиону Елена Владимировна Петушкова Абсенттин тукуму Абакан менен бир нече жеңиштерге жеткенге үлгүргөн. Бирок бул тулпардын эрте өлүп калышы анын бардык мүмкүнчүлүктөрүн ачууга мүмүкүнчүлүк берген эмес. Абакан 1976-жылы дүйнө чемпиону болуп, курама команданын катарына кошулуу менен ат спортунун тарыхына өз изин калтырып кеткен.

Абсенттин кийинки тукумдары да чыгаан күлүк чыгып, дүйнөдөгү күчтүү күлүктөрдүн катарын толуктоо менен байгелүү орундарды ээлеп келет.

## Тасмада калган Абсент

1975-жылы "Казахфильм" студиясында Ораз Абишевдин режиссёрлугу менен "Абсент – Араб жана Баккаранын уулу" деген аталыштагы даректүү тасма тартылган. Атактуу тулпар көз жумар алдында 8 жыл таптаган саяпкери Сергей Филатов жолугуп кеткен. Мына ошол эки даңазалуу спортчунун жүрөк ооруткан коштошуусун жогорудагы даректүү тасмадан көрсөк болот. Сергей Филатов Абсент жана анын тулпарлыгы, тапталуусу тууралуу "Рим кубаттайт" аттуу кызыктуу китебин жазган. Мындан сырткары, даңазалуу тулпардын урматы үчүн № 97 "Луговской жылкы заводунун" кире беришине анын эстелиги орнотулган. Белгилүү скульптор, эмгек сиңирген сүрөтчү Иосиф Иванович Козловский тарабынан тартылган Абсент менен Филатовдун Римдеги жеңишинен кийинки керемет портреттери да бар.

РАХАТ АКМАТОВА

**1952-жылы №49 жылкы заводдо туулган**
**1975-жылы 2-февралда №54 жылкы заводдо көз жумган**
**Өңү: кара**
**Атасы:Араб, энеси: Баккара.**
**Ээси: "Луговской жылкы заводу"**
**Саяпкери: Сергей Филатов**

# Арак бардык жамандыктын башаты

**1) Урматтуу Чубак ажы, жолдошум экөөбүз учурда Россияда иштейбиз. Мен өзүм иштеген акчага ээ боло аламбы? Айтайын дегеним, өзүм тапкан акчадан жолдошума билгизбей эжеме жардам берсем болобу? Аял кантип сооп иш кылса болот? Жолдошум мага айтпай да, айтып да, айылдагы апасына акча сала берет. Биринчи өзүбүзгө үй салыш керек да, туурабы? Бала-чака бар дегендей...**

*Москва, Айнура.*

**Жооп:** Жолдошуңуз сиздин тапкан акчага ээлик кыла албайт. Өзүңүз каалап берсеңиз башка кеп. Андыктан, өзүңүздүн каражаттан жолдошуңузга айтпай жардам берсеңиз туура эле болот.

Мен бул сөзүм менен жубайлардын ортосуна ажырым салгым келбейт. Болгону шариаттын өкүмүн айттым. Кандай болгон күндө да кеңешип кескен бармак оорубайт.

Мен силерге жана силер сыяктуу сыртта ырыскы терип жүргөн бир туугандарыма кайрылар элем. Силер маңдай териңер менен тапкан тыйынынарды Кыргызстандагы туугандарыбыз, ата-энебиз той-ашка жумшап, маарекелердин төрүндө бийлеп, түрлөп-түрлөп көйнөк жаңыртып жүрүшөт. Бул күндөр да өтөт. Силердин каруу-кучүңөр, кубатыңар кеткенде келечекке камдаган азыгыңар жок болуп калат. Ата-энеңер силерге чындап муктаж болгондо, силер аларга да, өзүңөргө да жардам бере албай каласыңар. Ошондуктан утурумдук кызыкчылыкка эмес, келечекке маани берип, кайсы бир бизнестин түрүн жолго салгандын, жок эле дегенде кыймылсыз мүлккө ээ болгондун аракетинде болсоңор, силерге да, туугандарыңарга да жакшы болор беле?!

**2) Беш маал намаз окуй элекмин. Үйрөнгүчө бир убак намаз жана тахажжуд намазын окуп турсам болобу? Түндө тахажжуд намазын окуп жаткам. Түшүмдө эки адам кабырга алып кирди. Кабырдын ичи капкараңгы. Бутумдун астында капкара кийинген адам туруптур. Көзү көкмөк экен. Ойгонуп кеттим. Турсам, денем чымырап уюп калыптыр?**

*Москва, аты белгисиз.*

**Жооп:** Беш маал намаз парз болсо, тахажжуд намаз нафил, милдеттүү эмес, ыктыярдуу намаз. Тахажжуттан көрө куптанды оку. Жок дегенде эки парздан кутулуп каласың. Намазды окуй берсең, түшүң оңолот. Түшү оңолгондун иши оңолот.

**3) Мен намаз окуйм, апам арак ичет. Токтотойун деген түрү жок. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Сабыр кыл. Сабырдын түбү сары алтын. Дуба кыл. Дуба момундун куралы. Энеңе жакшылык кыл. Бейишиң энеңдин таманын алдында.

**4) Чачты күйгүзсө болобу, устаз?**

*Ноокат, Айчүрөк.*

**Жооп:** Чачты күйгүзгөндөн чачтын ден-соолугу бузулса, арам болот. Эгерде химиялык боёк менен боёлуп калса, кээ бир аалымдардын пикиринде анын гусул-даараты өтпөйт. Жакшысы, хна менен боёгонго жетпейт.

**5) Наристеге 40 күн болгондо кыркын чыгаруу, 40 токоч, 40 кашык сууга жуунтуу дегендер шариатыбызга туура келеби?**

**Жооп:** Жок, берекем. Сен айткандын бирөө да жок. Чачы жетинчи күнү алынат. Ошол эле күнү кыз болсо бир кой, эркек болсо эки кой союп акыйка-жентек той өткөзөт. Ал эми баланы тез-тез жуунтса, тез торолот.

**6) Мен эки балам менен ажырашып кеткем. Азыр башкага турмушка чыккам. Мурунку күйөөмөн дагы эле алимент ала берсем болобу? Ал азыр үч балалуу болду.**

**Жооп:** Жаш бала өзү тыйын таап, балакатка жетип, балтыр эти толгонго чейин атасы бакканга милдеттүү болот. Демек, алимент адал. Шариат боюнча эркек бала даараткагана кирип-чыкканга, истинжа кылганга жарап калганда атасынын колуна келгени макул. Эркек балага өз атасы тарбия бергени ийги. Бирок, өз атасы диндар эмес болсо, өгөй ата диндар болуп аларды тарбиялоону өз колуна алса, анда өгөй атанын колунда калганы да макул. Ал эми кыз бала балакатка жетип, турмушка чыга турган болгондо атасынын колуна келет, атасы ылайыктуу жерге күйөөгө берет.

**7) Суфийлердин зикир кылып жатып транска киргенин түшүндүрүп бересизби? Туурабы ошенткени?**

**Жооп:** Кайсы бир адам ибадатка киргенде, ошол ибадаттан ырахаттанып, өзүнөн кетүү ыктымалы бар. Мисалы, кээ бир адамдар намаз окуганда өзүн токтото албай ыйлап, жан дүйнөсү жибип, эрекеп транска кирип кетет. Кээ бир адамдар илим окуп жатканда китептин кызыгына батып, убакыттын өткөнүн баамдабай калып, намазды кечиктирип алган учурлары болот. Чоң мухаддис аалымдардын ушул сыяктуу окуялары алардын сияр-таржымаларында кездешет. Ошол сыяктуу эле Пайгамбарыбыз алайхис саламды сүйгөн адам ал зат жөнүндө баян айтылса, же шамаайлдеринен кабар берилсе, же сүннөт шарифалардан бирин-экин айтылса, толкунданып ордунан кыймылдап жиберүүсү мүмкүн го... Бул сыяктуу нерселер адамдын эркинен сырт жасалат эмеспи?! Зикир айтуу, Алла Тааланы эстөө эң жогорку ибадаттардын катарында турат. Тагыраак айтканда, ибадаттардын маңызын түзөт. Ошол учурда "Алла Тааланын улуулугунун алдында жок болуп кетүү" теориясы практикаланат.

Ал эми кээ бир адамдар калп эле транска кирген болуп, зикирдин даамын таткан боло берсе, албетте анысы "кожо көрсүн" болуп кичи ширкке алып барат.

**8) Кызым сууга күйүп калып, 12 күн реанимацияда жаттык. Ал 12 күн мен үчүн 12 кылым тозокто жаткандай болду. Ошентип кызымды чыныгы жашоого узаттык. Кызымды жакшы карабай, күнөөгө баттымбы, устаз? Ал мага нараазы болбойбу?**

**Жооп:** Аракетке жараша күнөө же сооптор берилет. Колдон келишинче балдарыбызды жакшы караоого аракет кылууга милдеттүүбүз. Алар биздеги аманаттар. Кыяматта ар бир ишибизге жооп беребиз. Насип кылса, кызыңыз сизди бейиштин босогосунан тосуп алып, бейишке жетелеп кирет.

**9) Жоолук салынган аял браслет, кур, саат, көз айнек тагынса болобу?**

**Жооп:** Ооба, болот. Бир гана кур тагынганда, белиңиз кыңкайып калат. Ошол учурда анын үстүнөн да кийим кийүүгө туура келет.

**10) Биз Москва шаарында иштеген жердештер ар 6 айда чогулуп, акча топтоп турабыз. Ал акчаны аябай муктаж туугандарыбызга 5% менен беребиз. Кийин алардын төлөгөн акчасы, кайра эле чогулган акчаларга түшөт, эч кимдин жеке куржунуна кетпейт. Бул кылган ишибиз сүткорлук эмеспи?**

**Жооп:** Ошол беш пайызыңар сүткорлуктун дал өзү болот. Бул кылганыңар туура эмес. Жөн эле пайызы жок жардам бергиле. Ал ошол акчаны карыз катары алып, кайра төлөп берсин. Калган ишиңер жакшы экен. Чогулган учурда арак болбосун.

**11) Касапчылардын иши көбүнчө кечинде башталып, түн ортосуна чейин созулат. Аср жана шам убактыларында кийимдери кан болуп калат. Кийимдерди алмаштыра калууга да шарт жок. Ушундан улам, ошол кийимдер менен намаз окуганга уруксат барбы?**

**Жооп:** Кан нажас болгондуктан кийимге алакан отуна токтолгончолук мыкдар-өлчөмдө жугуп калган болсо, ал кийим менен намаз окууга болбойт. Андан башка кийим жок болуп калганда, айласыздан аны менен окууга туура келген учурлар бар. Колдон келишинче атайын таза кийим даярдап коюп, ошону менен окууга аракеттенүү зарыл. Эттин ичинде калган кан таза өкүмүндө болгону менен, эттен ажырагандан кийин кайрадан нажас өкүмүнө келет.

**12) 1 жылдан бери бир кызды жакшы көрүп келем. Ага үйлөнүү максаты менен жубайым болгуча сүйлөшүп турсак болобу?**

**Жооп:** Болбойт! Адал нике, абийирдүү перзент, жакшы жашоо, акыреттик бактылуулукту кааласаң, анда сүйлөшпө! Анан калса, ал сага жубай болуп каларын кайдан билдиң? "Кул жеймин дейт куйрукту, Кудай билет буйрукту", "Жүгүргөн эмес буйруган алат" деген накылдар акыл болбодубу сага?! Үйлөнгөндөн кийин деле сүйлөшкөнгө көп убакыт табылат. Сүйлөшүүдөн тажап да каласың, көчөнү көздөй качып.... Сабыр кыл. Сабырдуу жетер муратка, сабырсыз калар уятка.

**13) Сиңдимдин эри менен ажырашканына эки жыл болду. Кайненеси көзү ачыкка барат экен. Алар неберебизге деп көп нерселерди алып келет. Дубалатып коёбу деп коркобуз. Бергенин эмне кылсак болот?**

**Жооп:** Көзү ачыка баруу арам иш. Адам ыймандан чыгат. Бирок чоң энеси ыймандан чыкса эле анын бергени арам болуп калат деп түшүнбөө керек. Эт жана эт азыктарынан жасалган тамактарын жебей койгонуңар макул. Ал эми калган буюм-теримдерин, адал азыктарды, мисалы, жемиштерди, печеньелерди пайдалана бергендин зыяны жок. Чоң эне небересине жаман дуба окутпайт деп ишенген жакшы. Ал кемпир келгенде көзү ачыкка барган болбойт деген менин макалам бар китепти белекке берсеңиз, окуп ыйманга келип калаар.

**14) Сизге кайсыл жактан суроо береримди билбей жүргөм, Аллага шүгүр мүмкүнчүлүк болду. Оорунун айынан 2005-жылдан бери баса албайм, колдорум да жакшы кыймылдабайт. Акыл эсим Кудайга шүгүр. Намаз окуп баштаганыма бир жылдан ашты. Мени баккан апам жашы 70ке келип калды. Мага беш маал даарат алдырганга мүмкүнчүлүгү жок. Дааратты таямум кылып алам. Оң колум эле жүзүмө жетет. Намазды да ишара менен окуйм. Отурган**



**Кыргызстан аалымдар кеңешинин мүчөсү, айтылуу Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу 0773-61-54-87 номуруна жибериңиздер!**

**боюнча эле кыбыланы карап сажда кылып руку кылам жана жоолук салына албаганым үчүн топу (беретка) кийип окуйм. Туура эле кылып жатамбы?**

*Мухлиса.*

**Жооп:** Беретка кийип мойнуңузга шарф оросоңуз, жыйынтыгында мойнуңуз, чачыңыз, кулактарыңыз көрүнбөй турган болсо, намаздагы авреттер толук жабылган болуп, намаздын "сатру аврет" деген шарты аткарылган болот.

Даарат алдырууга адам жок болуп калса, же даарат алдыра албаса, ал учурда таяммум менен окусаңыз жарай берет. Кудай Таалам апаңызга, өзүңүзгө чың ден-соолук, бекем ыйман насип этсин.

**15) 20 жаштамын. Түрк, англис, арап, корей тилдерин жакшы билем. Чет жакка окууга барам десем, агам макул болбойт. Менин окуп келишимди агам чечеби же ата-энемби?**

*Нарын, Назира.*

**Жооп:** Урматтуу Назира! Кыз кишинин беймахрам сыртта жүрүшү жакшы эмес. Акылдуу агаң бар экен, анын сөзүн ук. Бул маселеде ата-энең уруксат берсе деле шариат уруксат бербейт. Агаң менен чогуу бар. Бойго жетип созулган кыз болуптурсуң, турмушка чык, жолдошуң менен чогуу бар. Аялзаты эрте турмушка чыкса, жаштыгы сакталып калат.

**16) Өзүм намаз окуйм, жолдошум окубайт. Кээде ичимдиктерди ичип коёт. Ошондон улам уруша кетебиз. Жаман сөздөрдү да айтып жиберем. Намаз окуп жаман сөз айтсам, намазым кабыл болобу? Жолдошума дагы насаат айтып коюңузчу?**

**Жооп:** Арак бардык жамандыктын башаты. Арак ичүү арам. Пайгамбарыбыз алайхис салам жаман сөз айткан эмес. Адам кылганынан мурда айткан сөздөрү менен тозоко түшөт...

**17) Таене-тайатасы небересине кара дуба окуткан экен. Анын таасири менен бала ооруп жүрдү. Азыр жакшы, бирок чоңойгондо дагы зыянын тийгизбейби?**

**Жооп:** Ал эми жөн эле сөз. Ата-эне кантип эле кара дуба окутсун. Кандай болгон күндө да балаңарды динге тарбиялагыла. Дайыма даарат, намаз менен жүрсө жамандык көрбөйт.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# МАНАСВОРД


Кроссвордубуздун жоопторун таап, сүрөткө тартыңыз дагы, Whatsapp аркылуу 0 (555) 20 45 71 номерине жибериңиз. Туура тапкан алгачкы тапкычка телефон номуруна **100 бирдик** салынат.

## Тикесинен


2. Акбалтанын уруусу
3. Белги берчү аспап
4. Эшик алдындагы сакчы
5. Эртең мененки тамак
6. Бээжиндин каны
7. Жылкычылардын башчысы
10. Көкөтөйдүн ашы өткөн жер
12. Бала Манас коюн баккан бай
14. Жамгырчынын эли
15. Кылычтын байнеги
18. Хан, султан деген мааниде
19. Алмамбеттин атасы
21. Алмамбеттин сүйгөнү
22. Манастын урпагы
24. Темиркандын шаары
25. Манасты кара сөзгө оодарган жазуучу
27. Кыргылдын бала кездеги аты
28. Коңурбайдын аты
29. Ажыбай баатырдын бууданы
31. Буудайыктын уулу
32. Мергендер атып алчу байге
36. Чубак баатырдын тулпары
37. Манастын куралын жасаган уста
38. Кой-эчкинин ичегисин түйүп жасаган тамак
39. Кыз Сайкалдын жери
40. Калмактын канышa катыны
43. Алоокенин айбанат бакчасы
44. Чет Бээжинди караткан согуш
46. Калмактын мергени
48. Коңурбайды өлтүргөн баатыр
51. Асмандан канча курч түшкөн
54. Шымдын түрү
57. Аттын ээрин куйрукка бекитет
59. Акылайдын атасы
60. Кошойдон кийин күрөшкөн балбан

## Туурасынан

1. Көкчөнүн атасы
8. Абыке, Көбөштүн энеси
9. Семиз жылкынын майы
11.Ууланган Манасты сактаган чоро
13. Кулжанын сакасы
15. Манастын найзасы
16. Кыпчактын ханы
17. Ок өтпөгөн тор кийим
20. Кошой балбандын аты
22. Кымбат баалуу тон, жоо кийими
23. Алмамбет баатырдын аялы
26. Серектин атасы
30. Карагайдан калап салынган үй
32. Жоокерлердин идиши
33. Санирабиганын кийинки аты
34. Бокмурундун жарчысы
35. Каныкейдин атасы
38. Жаан-чачындын сырын билген
41. Манасты тарткан сүрөтчү
42. Эркек торпок
45. Сүт куюлган өпкө
46. Кошой дөөнүн уруусу
47. Жусуп Мамайдын атасы
49. Бокмурундун тулпары
50. Жалгыз көздүү дөө
52. Манастын туулган жери
53. Сапарга чыккандын тамагы
55. Чубактын атасы
56. Алтымыш тил билген баатыр
58. Кытайдын кыйын мергени
61. Көк ырапыс тон кийген баатыр
62. Чубак Алмамбетке атаандашкан жүрүш
63. Манас атабызга дин үйрөткөн аалым
64. Оогандын каны
65. Манастын акыреттик жары
66. Кошойдун туткунда калган жигити
67. Аккулага тукумдаш тулпар



### "Сaресептин" №33 санындагы кроссворддун жооптору



# Азыктар куржуну

Жаңы жылда күнүмдүк тамак аштын баасы өзгөрүлгөн эмес, бирок уй эти жана кой эти бир канча пайызга арзандаган. Муну сатуучулар соодань бир аз басаңдаганына байланыштырат

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ун (жогорку сорт) 45 сом | Кой эти 220 сом | Пияз 15 сом | Сабиз 20 сом |
| Өсүмдүк майы 100–110 сом | Тооктун буту 125 сом | Кумшекер 50 сом | Картошка 15 сом |
| Күрүч 75–130 сом | Жумуртка (10 даана) сом | Уй эти 280 сом | Алма 50 сом |
| Макарон 40 сом | Кесме 50 сом | Сүт (кутучада) сом | Банан 90–120 сом |




## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР

Жакында чыгып аткан гезитибизде, биз менен бирге жазгысы келген, элге жакшы маанай тартуулап, кытыгылап, чочутуп, ойготуп тургусу келген жаш журналист болсоңуз бизге жазып, же чалып коюңуз. tolobek@gmail.com
0555 99 61 33 Төлөбек Нурдинов

Сантехникага тиешелүү бардык иштерди аткарабыз.
0 700 84 83 63, 0550 84 83 63

Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. ЖЧК "Темир-Про"
0 553 77 33 58, 0 703 25 50 44
Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

**"Дил азык" басма үйүнө кыргыз тили үчүн күйгөн эр азаматтардан болсо китеп редактирлөө жана корректировка жумушуна алабыз.** тел. 0777 475 185

Балдарды өнүктүрүү адабияты жана канц. товарлар Оптовик дүкөнүндө. Чүй 226, 895555 0701508568

Дача сатам же машинага алмашам. Беш-Күңгөй айылы. Кирпичтен тургузулган, мансардасы бар. Абалы зыңк. Аянты - 5,2 с., кызыл китеп, жакын арада булак, сугат суусу, электр тартылган, баасы 23 миң. доллар. Соодалашам.
тел. 0777 475 185

Зер дүкөнүнө компьютерде иштей алган, түрк тилин билген **чырайлуу кыз керек.**
0 553 77 33 58

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**

**Жарнама баасы:**
10 сөзгө чейин 100 сом.
10 сөздөн кийин ар бир сөзгө 10 сомдон кошулат.

Рамкага алуу, өзгөчө түс берүү ж.б.лар үчүн 100 сом кошулат.
Байланыш телефону:
0 (703) 73 82 31

ORIFLAME! ORIFLAME! ORIFLAME!
0 705 57 31 68

Mercedes-Benz Спринтер MB RX CDI 2007 жыл. $14 000 шашылыш Грузовой, Кыймылдаткычтын көлөмү 2.2 л. куб, Дизель, КПП Механика, зыңк. 350000 км. чыркаган, Бишкек ш.
0 709 709 868, 0777 475 185

Журналистика бөлүмүндө окуган студенттерди «Саресеп» гезитине практикага чакырабыз. Резюмеңиздерди saresep@mail.ru дарегине жиберсеңиздер болот.
Тел.: 0 703 73 82 31

Mercedes-Benz w221 2005 5.5 JAPAN БААСЫ 16000$
W221 2005 5.5 JAPAN ЗЫҢК
0700 509 509 0701 89 89 55

